
3-бет

# «Манас» төрт жылдыздуу университет

*QS Эл аралык университеттердин 5 баллдык рейтингинде Кыргыз-Түрк «Манас» университети төрт жылдызга ээ болду. Сертификат тапшыруу аземи 2024-жылдын 13-майында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректоратында өттү.*

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН
СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ

Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИ АПРЕЛЬ'24 / №94-ЧЫГАРЫЛЫШ WWW.MANAS.EDU.KG

# МАНАС ЖАНА АХМЕТ ЙЕСЕВИ УНИВЕРСИТЕТТЕРИ КЫЗМАТТАШТЫГЫН БЕКЕМДӨӨДӨ


2-бет

**Кыргыз-Түрк «Манас» университети менен Хожа Ахмет Йесеви атындагы Эл аралык Казак-Түрк университетинин ортосундагы академиялык кызматташтык протоколу жаңыланды.**


9-бет


## Түрк мамлекеттер уюмунун айыл чарба министрлери жолугушту

*Казакстандын Тараз шаарында Түрк мамлекеттер уюмуна (ТМУ) мүчө өлкөлөрдүн айыл чарба министрлеринин III жыйыны өттү.*


10-бет

## "Bilim Bişkek" үчүн кызматташуу протоколуна кол коюлду

*Кыргызстанда "Bilim Bişkek" окутуу борборун түзүү үчүн Түркия менен Кыргызстандын тиешелүү мекемелеринин ортосунда кызматташуу протоколуна кол коюлду.*


7-бет

## "Кудай кайра бул элге гимнди жаздырбасын"

*Биз 1921-жылы 12-мартта Түркия улуу улуттук парламенти тарабынан эгемендүүлүк гимнибиздин улуттук гимн катары кабыл алынышынын 103-жылдыгын салтанаттуу майрамдоодобуз.*


4-бет

## Басма сөз кызматкерлери үчүн интенсивдүү тренинг өттү

*2024-жылдын 16-мартында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин биргелешүүсүндө жогорку окуу жайлардын басма сөз кызматкерлери үчүн бир күндүк интенсивдүү тренинг өткөрүлдү. Тренинг КТМУнун ректоратынын жыйындар залында өттү.*

# Манас жана Ахмет Йесеви университеттери кызматташтыгын бекемдөөдө

*Кыргыз-Түрк «Манас» университети менен Хожа Ахмет Йесеви атындагы Эл аралык Казак-Түрк университетинин ортосундагы академиялык кызматташтык протоколу жаңыланды.*



Протоколго “Манас” университетинин ректору профессор, доктор Алпаслан Жейлан жана Ахмет Йесеви университетинин ректору доктор Жанар Темирбекова кол коюшту.

**Мурда болуп көрбөгөндөй ар тараптуу кызматташуулар**

Жанар Темирбекова менен «Манас» университетинде жолугуп жатканына кубанычта экенин билдирген Алпаслан Жейлан түрк дүйнөсүнүн адамдарга эң көп инвестиция салган университеттери “Манас” жана Ахмет Йесеви экенин белгиледи. Ал ошондой эле, эки окуу жайдын көп орток өзгөчөлүктөрү бар экенин, алардын ортосунда буга чейин кызматташуу протоколдоруна кол коюлганын жана жаңыланган протоколдун негизинде эки университеттин кызматташтыгы дагы да арта турганын кошумчалады.

**Алтын көпүрө болгон Йесеви жана Манас университеттери**

Түрк дүйнөсүнүн руханий лидери Ахмет Йесевинин жана түрк дүйнөсүнүн эң өрнөктүү жана көлөмдүү эпосу болгон Манастын ысымын алып жүргөн эки университет түрк мамлекеттеринин ортосунда алтын көпүрө катары кызмат кыларын жана дүйнөдөгү эң мыкты университеттердин сап башында турганын эске салган проф., док. Алпаслан Жейлан университеттердин кызматташтыгынан келип чыккан синергетика түрк дүйнөсүнүн биримдигине, жогорку билим берүү системасынын өнүгүшүнө, түрк дүйнөсүнүн жаштарынын мыкты билим алышына кызмат кылаарын баса белгиледи. Ошону менен катар ректор бул тажрыйба Түрк мамлекеттер уюмуна мүчө башка өлкөлөрдөгү окуу жайларга да үлгү болоруна ишенерин билдирди.



**Түрк мамлекеттерине эң маанилүү колдоо**

Ректор доктор Жанар Темирбекова эгемен түрк мамлекеттерине эң чоң колдоо катары түзүлгөн Ахмет Йесеви жана Манас университеттери түрк мамлекеттеринин жогорку билим берүү тармагында көзгө басар экенин, эки университеттин өкүлдөрү өздөрүнө жүктөлгөн чоң жоопкерчиликти сезип, өтө берилгендик менен иштегенин жана университеттерине чоң маани бере турганын айтты. Заман шартына ылайык, жаңы мүмкүнчүлүктөрдү балоо жана ар тараптуу кызматташуу мүмкүнчүлүгүн сунган жаңыртылган протокол эки университеттин ортосунда натыйжалуу долбоорлордун ишке ашуусуна жол ачарын, университеттер Түрк дүйнөсүнө жана адамзатка пайда алып келе турган биргелешкен заманбап долбоорлордо кызматташып, алдыда бири-биринин көп тажрыйбалар алмашарын маалымдады. Миссиясы бир болгон Түрк дүйнөсүндөгү бул бир тууган эки университеттин кызматташтыгынан жарала турган синергетика Түрк мамлекеттер уюмунун максаттарына жана милдеттерине чоң салым кошот деген терең ишенимин билдирди.

Манас телеканалы
Которгон: Жылдыз Муратбекова



# «Манас» төрт жылдыздуу университет

*QS Эл аралык университеттердин 5 балдык рейтингинде Кыргыз-Түрк «Манас» университети төрт жылдызга ээ болду. Сертификат тапшыруу аземи 2024-жылдын 13-майында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректоратында өттү. Иш-чарага КТМунун ректору, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректору с.и.к. доцент Алмаз Ибраев, QS Орто Азия директору Сергей Христолюбов, КТМУнун проректорлору, профессор Мехмет Сезаи Түрк, доцент Камалбек Карымшаков, баш катчы, профессор Октай Өзгүл, декандар жана профессордук-окутуучулук курам катышты.*



“Манас” университети QS Эл аралык рейтингинде жана QS Stars жалпы баалоо системасында Кыргызстандан жалгыз университет экенин айткан С.Христолюбов окуу жайдын бул ийгилиги менен куттуктады. Бул эң жакшы натыйжа жана чоң жетишкендик экенин белгилеген С.Христолюбов: “Алгач эле төрт жылдызга татыктуу болуу чоң жетишкендик. Казакстандагы эң мыкты окуу жайлардын катарына кирген Альфараби атындагы Улуттук университет да алгач үч жылдызга татыктуу болгон. Андан соң төрт, кийин беш жылдызга жетишти”,-деди.

Андан соң С.Христолюбов төрт жылдыз эмнени билдирери тууралуу кыскача маалымат берип өттү. Анын айтымында QS рейтинги дүйнөдөгү маанилүү рейтинг болуп саналат. Анда окуу жайлар 9 критерий боюнча, ал эми “Манас” университети катышкан Азия рейтингинде 11 критерий колдонулду. Тармактар боюнча рейтингде 5 критерий менен бааланат. Ал эми QS Stars жалпы баалоо системасында окуу жайлар 30 критерий менен каралат. Анын ичинде билим берүү жана профессордук окутуучулук курамдан сырткары илимий изилдөө, эл аралык иш-чаралар, социалдык жоопкерчилик иштери, студенттердин жашоо шарты, спорттук жана маданий иш-чаралар сыяктуу бир катар критерийлерге деталдуу көңүл бурулат. Булардын ичинен университет мыкты болгон 8 критерий тандалып, анын негизинде жылдыздар берилет.

С.Христолюбов “Манас” университети төрт жылдызга татыктуу болгонуна карабай, 2 критерий (жумуш менен камсыздоо жана эл аралык кызматташтык) боюнча беш жылдыз алганын билдирди. Бул окуу жайдын чоң жетишкендиги экенин белгилеген С.Христолюбов: “Төрт жылдызды алуу бир университет үчүн көп убакытты жана эмгекти талап кылат. Сиздердей кесипкөй курам болбосо мындай ийгилик жаралмак эмес. Бул ийгилик сиздердин эмгекти көрсөтүп турат”,-деп окуу жайдын окутуучуларын куттуктады. Иш-чаранын соңунда КТМунун ректору, профессор Алпаслан Жейланга QS рейтингинин төрт жылдыз сертификаты тапшырылды.

Эсенбол Нурбек уулу









# Басма сөз кызматкерлери үчүн интенсивдүү тренинг өттү

*2024-жылдын 16-мартында Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин биргелешүүсүндө жогорку окуу жайлардын басма сөз кызматкерлери үчүн бир күндүк интенсивдүү тренинг өткөрүлдү. Тренинг КТМУнун ректоратынын жыйындар залында өттү.*

Окутуу программасына Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри Доктургүл Кендирбаева, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин проректорлору профессор Мехмет Сезаи Түрк жана доцент Камалбек Карымшаков, башкы катчы, профессор Октай Өзгүл, ректордун кеңешчилери профессор Режаи Доган, профессор Серхат Бурмаоглу жана Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын басма сөз кызматкерлери катышты.

Мамлекеттик гимндердин жаңырыусу менен башталган программа ачылыш сөздөрү менен уланды. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министри Доктургүл Кендирбаева тренингдин маанисине басым жасап, катышуучуларга ыраазычылык билдирди. "Бүгүнкү күндө Кыргыз-Түрк "Манас" университетин аяктаган студенттер жеке Кыргызстанда гана эмес, дүйнөдөгү эмгек рыногунда өтө жогорку талапта турган адистер экенин көрүп жатабыз. Биз муну менен сыймыктанабыз. КТМУнун бүтүрүүчүлөрү натыйжалуу адис болушарын чын жүрөктөн айта алам", -деди билим берүү жана илим министри Д. Кендирбаева

Билим берүү жана илим министри Д.Кендирбаева Кыргызстандагы жогорку окуу жайлардын басма сөз кызматкерлери менен пайдалуу жана интенсивдүү тренинг менен "Манас" университетинде чогулуп жатышканына кубанычта экенин билдирди.

Коммуникация факультетинин деканы, профессор Мехмет Сезаи Түрк "Манас" университетинин маанилүүлүгүнө жана жетишкендиктерине көңүл бурду. Профессор Мехмет Сезаи Түрк "Манас" университети Кыргызстанда дүйнөлүк университеттеринин рейтингине кирген биринчи жана жалгыз университет экенин ошондой эле коммуникация факультетинин ийгиликтерине да токтолду. Студенттерге Кыргызстандын жана Түркиянын алдыңкы медиа мекемелеринде стажировкадан өтүү мүмкүнчүлүгү берилгенин белгилеген профессор Түрк коммуникациянын маанисин баса белгилеп, тренингдин катышуучуларга тийгизген пайдасын айтты.

Эки сессиядан турган тренингде "Манас" университетинин окутуучулары жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин эксперттери басма сөз кызматкерлерине баалуу маалыматтарды беришти.

Тренингдин биринчи отурумунда Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин окутуучулары ф.и.к Гүлзада Станалиева "Кантип мыкты PR текст жазса болот?" жана Доц.док. Эрдоган Акман "Кабар жазуу техникаларында жана кабар жазууда жаңы тренддер" темасында презентация жасашты. Ошондой эле медиа эксперт Тагжана Айдаралиева "ЖОЖ үчүн PR стратегия" темасында тренинг өтсө, ал эми Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин доценти Ширин Костюк "Стоп эфир! Эфирде кандай алып жүрүү керек?" темасында пайдалуу маалыматтар менен бөлүштү.

Экинчи отурум Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Басма сөз жана коомчулук менен байланыш директору, Док.Гөкжан Челиктин "Социалдык медианы өздөштүрүү: контент жана стратегиянын негиздери" аттуу презентациясы менен башталып, андан соң КР Билим берүү жана илим министрлигинин маалымат саясаты бөлүмүнүн башчысы Гүлмира Үмөталиева тренингдин катышуучуларына "Кризис? Коркунучпу же мүмкүнчүлүкпү? Кризис маалындагы коммуникация" темасында презентация жасады.

Сессиялар суроо-жооп бөлүгү менен улантылды. Иш-чаранын аягында окутуучулук курамга Ыраазычылык кат жана катышуучуларга сертификаттар тапшырылды. Программанын жүрүшүндө басма сөз кызматкерлери "Манас" университетинин "Манас" телеканалын көрүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

Манас телеканалы
Которгон: Жылдыз Муратбекова



# "Тилде, пикирде, иш-аракетте биримдик» же "Тержүмандан" "Манас" гезитине...

XVIII-XIX кылымдар Түрк-ислам дүйнөсү Батыш дүйнөсүнүн илимий, экономикалык жана аскердик артыкчылыгын таанып турган мезгили болгон. Түрк дүйнөсү батыштан жана чыгыштан тынымсыз чабуулдарга дуушар болуп, узакка созулган согуштар жана социалдык-экономикалык көйгөйлөрдүн жыйынтыгында өз позициясын тынымсыз жоготуп келген. Осмон империясы ички козголоңдор менен күрөшүүгө аракет кылып жатканда Батыштан Орусия, Австрия-Венгрия, Англия жана Франция сыяктуу өлкөлөр менен да атаандашууга аргасыз болгон. Тилекке каршы, Чыгышта да абал мындан жакшы болгон жок. Чыгыш Түркстанды манжурлар басып алып, Индиянын Могол мамлекети британиялыктар тарабынан талаланган. Батыш Түркстанда орус үстөмдүгү орноп, дээрлик акыркы чекитине жеткен. Бир жагынан, заманбап кырдаалдын барган сайын начарлашы, экинчи жактан, Батыштын индустриялаштыруу жана модернизациялоо шарттарында кандай жол менен өтүү керек деген идея түрк интеллигенциясынын акылын ээлеп, эң маанилүү маселелерден болуп турган.

Түрк жана Ислам дүйнөсүн бул туюктан куткаруунун жолдорун издеп, бул кризистен чыгуу жолун ойлогон илимпоздор мындай абалдын негизги себеби билим берүү системасынын мезгил талабына жооп бербегендиги жана технологиялык жактан артта калуусу экенин аныкташты. Бул артта калууну жоюу үчүн жол издеген түрк интеллигенттери билим, технология жана саясий ой жүгүртүүдөгү жаңычылдыктын керек экенин түшүнүштү. 10-кылымдан бери тынымсыз өнүккөн түрк дүйнөсү, өзгөчө XVIII кылымдын экинчи жарымынан баштап өнүгүп келе жаткан дүйнөгө ыңгайлаша албай, өзгөчө аскерий жаатта ийгиликсиз болуп келди. Бул терс көрүнүштөрдү жоюу аракети башталып, натыйжада XVIII кылымдын экинчи жарымынан баштап заманбап, аскердик тармактагы мектептер ачылган. Мындан тышкары да көптөгөн окуу жайлар түзүлгөн.



Осмон Императорлугунан тышкары крымдык Исмаил Гаспыралынын билим тармагына тийгизген таасири чоң. Исмаил Гаспыралы диний жаңылануунун баштоочулары болгон Курсави жана Меркани сыяктуу аалымдар тарабынан колдоого алынып, билим берүү тармагында жаңычылдыкка жол ачкан.

Исмаил Гаспыралы билим берүү тармагындагы алгачкы кадамын 1884-жылы Бахчесарайдын Кайтаз Ага районунда башталгыч мектеп ачуу менен таштаган. И.Гаспыралы «Усул-и Кадим» деп аталган билим берүү системасы менен балдарыбыздын убактысы текке кеткенин, жылдарга созулган билим алуу «Усул-и Жедид / Жаңы Усул» системасынын негизинде бир нече айда бүтөрүн айтты. Бирок, бул системанын үлгүсү болбогондуктан, каржы булактарын табуу, мугалимдерди даярдоо, инновациялык билим берүүгө ылайыктуу программа түзүү, окуу куралдары менен камсыз кылуу, окуу китептерин даярдоо жана басып чыгаруу сыяктуу көптөгөн иштерди үй-бүлөсүнүн колдоосу менен өзү ишке ашырган.

Алгач бул демилгеден күмөн санаган Бахчесарайдын тургундарын жаңы мектепке көчүүгө көндүрүү үчүн ал кырк күн аралыгында түрк тилинде окуу жана жазууну үйрөтө турганын айткан. Чынында эле, ал окуучулардын бул натыйжага «усул-и савтийе» деп аталган жаңы ыкма аркылуу жеткенин коомчулуктун жана жогорку даражалуу адамдардын катышуусунда өткөн сынакта көрсөтө алган.

Гаспыралы "Усул-и Жедидди" жаратууда чоң кыйынчылыктарга туш болгон. Падышалык Орусиядагы мусулмандар жашаган жерлерди зыярат кылуу менен "Усул-и Жедидди" тааныттууга аракет кылган. Стамбулдан Кашкарга чейинки көптөгөн түрк өлкөлөрүндө окулган «Тержүман» гезити, албетте, анын пропагандасынын эң маанилүү бөлүгү болгон. "Жедид/Жаңы" билим берүү системасынын кабыл алынышы менен түзүлгөн биринчи "Усул-и Жедид" мектебинин ачылышынан он жылдан аз убакыт өткөндөн кийин Түркиянын аймактарында Гаспыралыны жактаган адамдар пайда болду. Алардын арасында агартуучу молдолор, мугалимдер, соодагерлер жана эң негизгиси бай мусулмандар болгон.

Айрыкча, Волга-Урал татарларынан Гусейнов, Апанай, Акчурас сыяктуу бай көпөстөрдүн жана Тагизаде сыяктуу азербайжандык мусулман мунай миллионерлеринин колдоосу "Усул-и Жедид" мектептеринин тез жайылышында маанилүү роль ойногон. Анын негизинде «Усул-и Жедид» айрыкча Поволжье, Кавказ жана Крымдагы айылдарга тарады. Ошентип, отуз жылдын ичинде "Жедид" мектептеринин саны 5000ге жетти.

Волга боюндагы уруулардан баштап Кашкарга чейинки көптөгөн жергиликтүү элдин интеллигенция өкүлдөрү "Жадидизм" идеясын кабыл алып, жаңычыл билимдин шамын жандырышкан. Мирза Шеф Ваэе, Мирза Фетхали Ахунзаде, Азербайжанда Хасанбей Меликзаде Зердаби, Өзбекстанда Махмуд Хожа Бехбуди, Муневер Кари, Абдурrauф Фитрат, Абдулхамит Чолпан, Казакстанда Миржакып Дувлатуули, Ахмет Байтурсуноглу, Алихан Бекейханулы, Магкан Жумабайули, Кыргызстанда - Алдаш Молдо, (молдоке) Ишенаалы Арабаев, Касым Тыныстанов, Османаалы Сыдык уулу, Чыгыш Түркстанда Абдулкадир Дамоллам, Махсут Мухити, Абдулхалук Уйгур сыяктуу интеллигенция өкүлдөрү жаңычыл идеяларды жактап, анын айынан көптөгөн кыйынчылыктарга туш болуп, жергиликтүү молдолор менен да, саясий бийлик менен да күрөшүүгө аргасыз болушкан.

Алардын максаты Гаспыралы Исраилдин "Тержүман" гезитинин урааны болгон «Тилде, пикирде, иш-аракетте биримдик» идеясын ишке ашырып, түрк дүйнөсүн ошол учурдун бороон-чапкынынан куткаруу болгон.

Бүгүнкү күндө "Тилде, идеяда, иш-аракетте биримдик" идеясы алдында түрк элдеринин ынтымак жана биримдикте иш алып баруусу, тил, алфавит жана орток ой-пикирди камсыз кылуу жана орток максаттарга бирге кадам таштоо. Түрк дүйнөсүн интеллектуалдык жана маданий жаатта күчтөндүрүү үчүн өжөрлүк жана чечкиндүүлүк менен болгон күрөштүн жемишин көрүүгө болот. И.Гаспыралы баш болгон жадидчил интеллигенция ишке ашырууну каалаган биримдик бүгүн Түрк мамлекеттеринин уюму формасында пайда болду.

Бул уюм түрк дүйнөсүн бириктирүү менен көптөгөн тармакда, өзгөчө билим берүү, маданият жана экономика тармагындагы кызматташтыкты жана тилектештикти бекемдеп, бир гана түрк дүйнөсүндө эмес, бүткүл дүйнө жүзүндө тынчтыкты жана бейпилдикти орнотуу миссиясын аткарууда. Түрк мамлекеттери уюмунун алкагында кыргыз-түрк мамилелери маанилүү орунду ээлейт. Бул мамилелер маданий, экономикалык жана билим берүү тармактарында кызматташууга өбөлгө түзөт.

Кыргыз-Түрк "Манас" университети түрк дүйнөсүнүн, өзгөчө Түркия менен Кыргызстандын ортосундагы мамилелердин маанилүү көпүрөсү. Университетибиз билим берүү жана маданият тармагындагы кызматташтыкты колдоп, түрк дүйнөсүнүн жаштарын бириктирип, келечекке жалпы көз караштты түзүүдө. Айрыкча тил, тарых, адабият жана технология сыяктуу тармактарда жүргүзүлүп жаткан иш-чаралар түрк дүйнөсүнүн биримдигин жана ынтымагын бекемдөө менен орток иденттүүлүктүн калыптанышына салым кошууда.

Манас үй-бүлөсү катары жалгыз максатыбыз – түрк дүйнөсүнүн ойгонуусуна салым кошуп, «Тилде, ойдо, иште биримдик» идеясын камсыз кылуу. Биздин максат – XXI кылымды Түрк дооруна айлантуу. Түндө уктабай, күндүз отурбай ушул максат үчүн күрөштү улантабыз. Эгерде бүткүл түрк элдери бул максатка жетүү үчүн аракет кылып, Гаспыралы ураанынын алдына бириксе, түрк калктарын жарык жана гүлдөп турган келечек күтүп турат деп ишенем.

Ушул жерден «Тержуман» гезитинин ишин улантууга болгон «Манас» гезити өзүнүн багыты, басып чыгаруу саясаты менен ийгиликтүү иш алып барарына чын дилимден ишенеримди билдиргим келет. Гаспыралы менен Ризаеддин Фахреддиндин руханий мурасын алып жүрүү менен бирдикте эч токтобостон аракет кыла турганыңыздарга ишенем. "Манас" гезитин даярдоого салым кошкондордун баарына ыраазычылык билдирем!

***Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ректору проф., док. Алпаслан Жейлан***

# Алмаз Ибраев Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин жаңы биринчи проректору



*2024-жылдын 25-апрелинде Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректоратында биринчи проректорлук кызматын тапшыруу иш-чарасы болуп өттү. Биринчи проректор, э.и.к. Бактыгүл Каламбекова кызматын саясий илимдеринин кандидаты, профессор Ибраев Алмаз Орозакуновичке өткөрүп берди.*

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Камкорчулар кеңешинин катышуусунда өткөн жыйында ректор, профессор Алпаслан Жейлан үзүрлүү эмгеги үчүн э.и.к. Бактыгүл Каламбековага ыраазычылык билдирип, анын эмгек жолунда ийгиликтерди каалады. Э.и.к. Бактыгүл Каламбекова да бул ардактуу милдетти аткарууга мүмкүнчүлүк берген Камкорчулар кеңешине жана бардык жетекчилерге ыраазычылык билдирди. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин биринчи проректору болуп дайындалган саясий илимдеринин кандидаты, профессор Ибраев Алмаз Орозакунович 2024-жылдын 7-май күнү жаңы кызматына киришти.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары, “Манас” университетинин Камкорчулар кеңешинин мүчөсү Расул Абазбек уулунун катышуусунда өткөн иш-чарада ректор профессор Алпаслан Жейлан жаңы биринчи проректор, профессор Ибраев Алмаз Орозакуновичке университеттин төш белгисин тагып, ийгиликтерди каалап, жемиштүү кызматташабыз деген үмүтүн билдирди. Жаңы биринчи проректор, профессор Ибраев Алмаз Орозакунович мындай маанилүү кызматка дайындалганы ал үчүн сыймык экенин айтып, Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ишмердүүлүгүнө салым кошууга даяр экенин баса белгиледи.

Манас телеканалы
Которгон: Жылдыз Муратбекова

# Эмне үчүн санариптик доордо гезиттер маанилүү

*“Манас” гезитинен дагы бир жолу салам. Бул жазууда санариптешкен дүйнөдө гезиттер өз маанисин жоготтубу деген суроого жооп издейбиз. Санариптик доордо маалыматка жетүү мурдагыдан да тез жана жеңил болуп калды. Бирок бул жеңилдик туура жана ишенимдүү маалыматка жетүүнү да кыйындатат. Жалган кабарлардын жана туура эмес маалыматтын таралышы менен ишенимдүү булактарга болгон муктаждык өсүүдө.*



Азыркы дүйнөдө коопсуздук туура булактардан маалымат алуудан башталат. Гезиттер коопсуздукту камсыздоодо маанилүү ролду ойнойт, анткени алар ишенимдүү маалымат менен камсыз кылуу жана калкты агартуу милдетин аткарышат.

Гезиттер, адатта, тажрыйбалуу журналисттер жана изилдөөчүлөр аркылуу туура, ишенимдүү жана актуалдуу маалыматтарды беришет. Алар өздөрүнүн кабарларын текшербей туруп жарыялашпайт жана кабарлардын булактарын ачык-айкын көрсөтүшөт. Бул окурмандардын ишенимдүү маалыматка жетүүсүн жеңилдетет.

**2. Кабарларды терең изилдөө жана анализдөө жөндөмдүүлүгү**

Гезиттер кабарларды үстүртөн гана эмес, терең изилдеп, талдап чыгышат. Айрыкча татаал темаларды түшүнүү жана туура чечмелөө үчүн адис журналисттер менен иштешет. Бул окурмандарга тереңирээк көз карашка ээ болууга жана коопсуздукка тиешелүү татаал маселелерди жакшыраак түшүнүүгө жардам берет.

**3. Коомдук маалымдуулукту түзүү жана маалымдуулукту жогорулатуу**

Гезиттер коомчулукта коопсуздуктун маанилүү маселелери боюнча маалымдуулукту түзөт жана калктын маалымдуулугун жогорулатуу менен коопсуздук маселелерине коомдук сезимталдыкты жаратат. Терроризм, кылмыштуулук, экологиялык коопсуздук жана ден соолук сыяктуу маселелер боюнча аң-сезимдүү коомду түзүү коопсуздук чараларын натыйжалуу түрдө көрүүгө мүмкүндүк берет.

**4. Жалган кабарлар жана туура эмес маалымат менен күрөшүү**

Гезиттер жалган кабарларга жана туура эмес маалыматка каршы күрөштүн алдыңкы сабында турат. Ишенимдүү булактардан алынган маалымат менен окурмандарды адаштыруучу же манипуляциялоочу контенттен коргойт. Бул да коомго пайдалуу маалымат менен бөлүшүүгө жана коопсуздук коркунучтарын жакшыраак баалоого мүмкүндүк берет.

**5. Маалыматтык сабаттуулукту колдоо**

Гезиттер маалыматтык сабаттуулукту колдоо менен адамдарга маалыматты туура баалоого жана текшерүүгө жардам берет. Алар окурмандарды кабарларды текшерүүгө үндөп, ар кандай булактардан маалымат алуунун маанилүүлүгүн баса белгилешет. Бул да коопсуздукту камсыздоо үчүн аң-сезимдүү жана камкор коомду түзөт.


Жыйынтыгында, гезиттер коопсуздук жагынан маалыматтын туура булактардан алынышын камсыз кылууда маанилүү ролду ойнойт. Коопсуз коомду түзүү жана коопсуздук коркунучтарына каршы натыйжалуу күрөшүү үчүн гезиттердин так, ишенимдүү жана терең маалыматына муктаждык бар. “Манас” ушул мотивдерди жетекчиликке алуу менен калкты туура маалымат менен камсыз кылууну жана туура эмес маалыматка каршы күрөшүүнү максат кылып, мындан ары да ишенимдүү маалыматтын булагы болуп кала бермекчи.

*Проф. докт. Мехмет Сезаи Түрк*

*КТМУнун коммуникация факультетинин деканынын м. а., КТМУнун проректору жана «Манас» гезитинин башкы редактору*



# “Кудай кайра бул элге гимнди жаздырбасын”



*Биз 1921-жылы 12-мартта Түркия улуу улуттук парламенти тарабынан эгемендүүлүк гимнибиздин улуттук гимн катары кабыл алынышынын 103-жылдыгын салтанаттуу майрамдоодобуз. Бул эгемендүүлүк жана эркиндик жолундагы эң маанилүү кадамдардын бири . Көз карандысыздык, эркиндик, туу, мекен булар улуттун эң күчтүү даражадагы дөөлөтү, көңүлдүн эң тереңинен орун алып, улуттук сезимди, толкундануунү эң жогорку даражада сездире алган, бири-бирине шайкеш келген 10 куплет 41 сапттан турган мамлекеттик гимнибиз мындан 103 жыл мурда эл акыны Мехмет Акиф Эрсоой тарабынан жазылган.*

Эгемендүүлүк гимни түрк улуттунун руху менен ортоктош болуп, ошону менен бирге элдин башынан өткөргөн ачуу-таттуу күндөрүнүн ар бир сезиминин, толкундоосунун, эркиндигинин, мекенчилдигинин бир үзүрү. Түрк элинин эгемендүүлүгү жана келечектеги күрөшүнүн кыскача баяндамасы. Бул баатырдыктын, туруктуулуктун, ишенимдин жана чечкиндүүлүктүн жарыясы. Бул түрк улутунун мекенин коргоонун жана көз карандысыздыгынын тарыхый документи, мөөрү жана символу. Түрк улутунун орток келишим тексти. Бизди улут кылган негизги компоненттерибиздин бири, улуттук баалуулугубуз . Түркия Республикасынын мамлекетинин жана түрк мекенинин титулдук документи. Эгемендүүлүк гимнибиз түрк улутунун аң-сезиминде жазылып калган эпос.

1918-жылы 30-октябрда түрктөрдүн мамлекети Мудрос тынчтык келишиминин негизинде басып алынган. Бардык шарттар түрк улутуна каршы болгон бир чөйрөдө Мустафа Кемал Паша: «Же эгемендүүлүк, же өлүм!» түрк улутун уюштуруу принциби менен түрк улутун уюштуруп, тарыхта сейрек кездешкен улуу эпикалык күрөштү баштап, түрктүн тарыхтан өчүрүлбөшүн, анын эгемендүүлүгү менен эркиндигин тартып алууга болбой турганын көрсөткөн жолго чыкты. Мехмет Акиф Ататүркт башында турган көз карандысыздык күрөшүн колдогондордун бири. Акиф Стамбулдан чыгып, «элдин сабаттуулугун арттыруу муктаждыгы бар, тургула, биз элге кызмат көрсөткөнгө барышыбыз керек» деп Анадолудагы улуттук күрөшкө катышты. Анадолунун ар тарабын кыдырып, кутбалары жана сөздөрү менен Анадолу калкынын эгемендүүлүгүн жана келечегин коргоону эскертти. Мына ушундай улуттук күрөш мезгилинде улутубузду ар кандай кыйынчылыктарга карабай бир муштумдай биримдикти сактап, ага дем-күч бере турган улуттук сезимди, улуттук аң-сезимди жаратуу үчүн жана мекендин түбөлүктүүлүгүн эскерткен улуттук гимнге муктаждык бар экендиги байкалды. Бул максатта Улуттук билим берүү министрлиги (Маариф Векалети) тарабынан 500 лиралык байгелүү сынак уюштурулду. Сынакка 724 ыр келген. Бирок алардын бири да улуттук толкунданууну козгоп, улуттук аң-сезимди жаратат деп эсептелген эмес. Мындай ырды бир гана Мехмет Акиф жаза аларын баары билчү, бирок акча аралашкандыктан жазган эмес. Билим берүү министри Хамдулла Суфи мырзанын 1921-жылдын 5-февралында ага жазган чакыруу катынын жана жакын досторунун катуу талап кылуусунун натыйжасында Мехмет Акиф оюнан кайтып, сыйлыкты кабыл албоо шарты менен сынакка катышууга макулдугун берет.

Ошентсе да, ал кезде Мехмет Акиф Бурдурдун депутаты болгону менен, пальтосу да жок болчу. Абдан суук аба ырайында жакын досу жана кесиптеши доктор Шефик Колайлынын пальтосун суранып кийип жүргөн. Мехмет Акиф толкундануу менен улуттук гимнди жазып баштады. Чынында эле Акиф кээ бир түндөрү капысынан ойгонуп, издеген кагазын таппай калганда гимнди керебетинин оң жагындагы дубалга карандашын алып:

Мен эзелтен бери эркинмин,эркин жашап келем

Ким мени чынжырга байлай алат? Таң калам!

Шаркыраган сел сыяктуу тоскоолдукту ашамын

Тоону жарып, нугума батпай ташамын

Мына ушундай берилгендик менен ал көп жылдар бою көкүрөгүндө сактап жүргөндөрүн ыр аркылуу жер, мекен, туу, эркиндик, көз карандысыздык үчүн жанын аябай шейит кеткен түрк жоокерлеринин эрдиги жана улуулугун баса белгилеген өзгөчө ыр саптарынан куралган гимнди 2 күндө жазып бүтүрдү .

Билим министри Хамдулла Суфи мырза Акифтин ырын алгач фронттогу жоокерлердин арасында окулушун чечти. Батыш фронтуна жиберилген гимн жоокерлер тарабынан жогору бааланган. 1921-жылдын 1-мартта Биринчи Түркия улуу улуттук жыйыны тарыхый күндөрүнүн бирин башынан кечирип жаткан. Билим берүү министри Хамдулла Суфи парламент трибунасында Мехмет Акифтин ырын окуп баштады

Кабагың түйбө, курман болоюн, жүзү жылуум

Менин баатыр элиме жылмай ! Бул эмне деген сүр, эмне деген түр?

Сен үчүн төгүлгөн каныбыз болбостур адал,

Укугу бул, Кудайга сыйынган элимдин көз карандысыздыгы!

Хамдулла Суфи ырын окуп бүтөрү менен парламентте дүркүрөгөн кол чабуулар коштоду . Чоң шыктануу жараткан ыр төрт жолу туруп угулду. Мехмет Акиф болсо уялып, эч кимге эч нерсе дебей кол чабуулардын астында парламенттен чыгып кетти. 1921-жылы 12-марттагы добуш берүү менен Акифтин жазган ыры Түркия улуу улуттук жыйыны тарабынан «Улуттук гимнибиз» катары кабыл алынган. Акиф жеңген 500 лиралык байгени жакыр аялдарга жана балдарга кесип үйрөткөн жана фронтко кийим тиккен Дарүлмесай фондуна тапшырды. Эл акыны болуу, бийик адамдык сезимдерди камтыйт !

Гази Мустафа Кемал Ататүрктүн улуттук гимнге берген баасы: «Бул гимн төңкөрүшүбүздү баяндайт. Ал биздин революциянын духун түшүндүрөт. Муну унутууга да, унуттурууга да болбойт. Эгемендүүлүк маршында биздин эгемендүүлүк жолубузду түшүндүрүү жагынан чоң мааниге ээ ыр саптары бар. Мен эң жактырган саптар: “укугу бул, эркин желбиреген желегимдин көз карандылыгы; укугу бул; Кудайга сыйынган элимдин көз карандысыздыгы!” Эл эч качан унутпашы керек бул саптарды. Эркиндикти жана көз карандысыздыкты сүйүү бул элдин жан дүйнөсү. Мамлекеттик гимндин бул үзүндүсү кылымдар бою ырдалып, бардык достор жана душмандар түрктүн эң жөнөкөй сезимдери да коркунучка кабылышы мүмкүн, а бирок анын эркиндиги эч качан коркунучта эмес экенин түшүнүшү керек. Ошондуктан бул үзүндүнү ар дайым кайталап туруу зарыл. Демек, “Түрктөрдүн эркиндигине тийүүгө мүмкүн эмес !”

Арадан жылдар өткөндөн кийин Улуттук акыныбыз Мехмет Акиф Эрсой төшөктө ооруп жаткан кезде гимнибиздин келечекте өзгөртүлүшү мүмкүнбү же жокпу деген ойлорун сурашканда, ал капысынан төшөгүнөн туруп, ошол күндөгү толкунданууну кайра башынан өткөрүү менен төмөнкүлөрдү баяндайт «Гимн... Ал күндөр чын ыкластуу да, толкундаткан күндөр эле. Ал поэма элдин ошол күндөгү толкундануусун чагылдырат. Миң балээге кабылган жан дүйнөсү куткаруу көз ирмемдерин азап менен күтүп турган чакта жазылган ошол гимн – ошол күндөрдүн кымбат эстелиги. Ал ыр кайра жазылбайт... Аны эч ким жаза албайт... Мен да жаза албайм... Жазыш үчүн ал күндөрдү көрүп, ошол күндөрдү жашаш керек. Ал ыр меники эмес. Ал улуттун менчиги. Бул менин элге берген эң баалуу белегим. Кудай кайра бул элге Гимнди жаздырбасын”-, дейт эл акын.

Мехмет Акиф “Эмне үчүн Сафахатка Улуттук гимнди койгон жоксуң?” деген суроого «агай, мен аны элге белек кылдым. Азыр ал улутка таандык. Ал мени менен болгон байланышын жоготту. Чындыгында бул улуттун иши, улуттун менчиги. Мен жөн гана көргөнүмдү жаздым”-деп жооп берген.

Мехмет Акиф улуттук күрөштө тарткан кыйынчылыктарыбызды, улуттун курмандыктарын, эгемендүүлүк, эркиндик, мекен жана улут үчүн жанын аябаган шейиттерди гимнибизде эң сонун чагылдырып, улутубуздун үнү болду . Ошондой эле улуттун зулумга, адилетсиздикке, баскынчылыкка каршы күрөшүн гимнибизде эрдик жана чечкиндүүлүк менен бириктирип, түрк жаштарына бир белги көрсөтөт. Мехмет Акиф, гимнибизди “Коркпо!” деп баштап, элибизге кыйынчылыкка моюн сунбоонун үмүтүн берди. Бул үмүт кайра жаралып, күн сайын гүлдөп жатат. Түрк улуту ушул дух менен эгемендүүлүгүн, келечегин, мекенин, улутун ар дайым коргоп, өнүктүрөт. Мамлекеттик гимнибиз 103 жыл мурун жазылганы менен келечегибизге жарык чачып, жол көрсөтүүчүдөй жаңы.

Ар бир ыр саптары терең мааниmаңызга толгон, бизди сыймыктандырган, окуган сайын шыктандырган гимнибизди жаштарыбызга эң мыкты деңгээлде түшүндүрүүдө болгон күчүбүздү жумшашыбыз керек . Биздин жалпы үнүбүз болгон гимнибиз менен тарбиялап өстүргөн жаштар өлкөбүздүн намысы жана сыймыгы ф. Гимнибизден алган күч ынтымагыбызды бекемдеп, эгемендүүлүгүбүздүн өчпөс оту болот.

Ушундан улам Эгемендүүлүк Гимнибиздин Түркия улуу улуттук парламенти тарабынан улуттук гимн катары кабыл алынышынын 103 жылдыгын белгилейбиз. Республикабыздын негиздөөчүсү Гази Мустафа Кемал Ататүркtү, элдик акыныбыз Мехмет Акиф Эрсойду жана эгемендүүлүк үчүн күрөшкөн бардык баатырларды зор сыймыктануу менен эскерем. Жаткан жерлери жаннат болсун!

Манас телеканалы
Которгон: Жылдыз Муратбекова

# Чанаккале жеңишинин 109-жылдыгы эскерилди

Манас телеканалы
Которгон: Жылдыз Муратбекова

*Чанаккале жеңишин жана шейиттерди эскерүү күнүнө карата 2024-жылдын 18-мартында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Борбордук Азияны изилдөө борбору, көркөм өнөр факультети жана Студенттик иштер башкармалыгы тарабынан конгресс жана маданият борборунда жүрэскерүү иш-чарасы өткөрүлдү.*





Аталган иш-чарага Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, э.и.к. Бактыгүл Каламбекова, проректорлор профессор Мехмет Сезаи Түрк жана доцент Камалбек Карымшаков, башкы катчы, профессор Октай Өзгүл, профессордук-окутуучулук курам жана студенттер катышты.

Иш-чара Түркия Республикасынын негиздөөчүсү Мустафа Кемал Ататүрк жана анын куралдаш жолдошторун, кымбаттуу шейиттерди бир мүнөттүк эскерүү менен башталды. Андан соң эки өлкөнүн мамлекеттик гимндери аткарылды.

"Манас" университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан ачылыш сөзүндө Чанаккаленин эпос экенин баса белгилеп: "Чанаккале бир улуттун көтөрүлүшү, анын бутка турушу жана дүйнөгө чакырыгы. Биз Чанаккаленин рухун сактап, келечекке жеткирүүдө жооптуубуз", - деди. "Манас" университети катары студенттерибиздин Чанаккале жана Сарыкамыш күмбөздөрүн көрүп, бул рухту жана сезимди сезүүлөрүн каалагандыктарын билдирди.

Биринчи проректор Бактыгүл Каламбекова: "Бүгүн биз шейиттерди жана ардагерлерди эскерип жатып, аларга таазим этип, эрдиги менен куттуктайбыз. 18-март боордош түрк элинин кайра жаралуу күнү",-деди.

Борбордук Азияны изилдөө борборунун төрагасы, профессор Насух Услу күндүн маанилүүлүгүнө жана маанисине токтолуп, Чанаккале жеңишинин 109 жылдыгы менен куттуктады.

Ачылыш сөздөрүнөн кийин чет тилдер жогорку мектебинин окутуучусу Алтынбек Исмаилов кыргыз тилинде Чанаккале жеңишине арналган ырды көркөм окуду.


Андан соң көркөм өнөр факультетинин студенттери тарабынан даярдалган "Чанаккале эпосу" аттуу оозеки сөз хорунун бет ачары тартууланды.





# Түрк мамлекеттер уюмунун айыл чарба министрлери жолугушту

*Казакстандын Тараз шаарында Түрк мамлекеттер уюмуна (ТМУ) мүчө өлкөлөрдүн айыл чарба министрлеринин III жыйыны өттү. Казакстандын айыл чарба министри Айдарбек Сапаров тарабынан уюштурулган жыйынга Азербайжандын айыл чарба министри Меджнун Мамедов, Өзбекстандын айыл чарба министри Ибрагим Абдурахмонов, Кыргызстандын айыл чарба министринин биринчи орун басары Кубат Касеинов, Түркиянын айыл чарба жана токой чарба министринин орун басары Эбубекир Гизлигидер жана ТМУнун башкы катчысы Кубанычбек Өмүралиев катышты.*



А.Сапаров жыйындын ачылышында Казакстандын жалпы соода жүгүртүүсүнүн 28 пайызы ТМУга мүчө өлкөлөргө таандык экенин белгилеп: «Казакстан жайыт аянты боюнча дүйнөдө 5-орунда турат. Мал чарбасы биз үчүн салттуу да, келечектүү дагы сектору. Ошондуктан биз мал чарба азыктарын сатууга артыкчылык берип жатабыз. Ушундай шартта Казакстан Өзбекстандын, Түркиянын, Түркмөнстандын жана Венгриянын базарларына жогорку сапаттагы эт азыктарын жеткирүүгө даяр экенин билдиргим келет», - деди ал.

ТМУнун башкы катчысы Өмүралиев бул жыйын мүчө өлкөлөрдүн айыл чарба тармагындагы кызматташтыгын бекемдөө жана түрк элин туруктуу жана ишенимдүү азык-түлүк менен камсыз кылуу жагынан маанилүү экенин белгиледи.

ТМУ алкагында агроөнөр жай комплексин өнүктүрүү маселеси талкууланган жыйындын соңунда уюмга мүчө өлкөлөр биргелешкен декларацияга кол коюшту.

Декларацияда тараптар кеңири пикир алмашып, айыл чарба продукцияларынын өз ара соодасын көбөйтүү, айыл чарба камсыздандыруу программаларын алдыга жылдыруу жана тиешелүү тармактагы илимий изилдөөлөр жаатында кызматташууну кеңейтүү боюнча макулдашканы айтылды.

Жыйында жергиликтүү жана климатка туруктуу айыл чарба өнүмдөрүнүн сортторун коргоо жана жайылтуу үчүн аймактык үрөн банкын түзүү боюнча аракеттерди улантуунун маанилүүлүгү баса белгиленип, ТМУнун мүчөлөрү жалпы санариптик айыл чарба маалымат платформасын түзүүнү тездетүүгө макул болгондугу белгиленди.

Декларацияда Казакстандын Тараз шаарын 2024-жылдын сентябрынан баштап бир жылдык мөөнөткө «ТДТ айыл чарба борбору» деп жарыялоо жана айыл чарба министрлеринин кезектеги жыйынын Кыргызстандын Чолпон-Ата шаарында өткөрүү чечими кабыл алынганы айтылды.

Манас телеканалы
Которгон: Жылдыз Мурабеткова

## Курманкул Зулушев көк-бөрү федерациясынын жаңы президенти



Замирбеков Жакшылык

Ушул жылдын 19-апрель күнү Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде Кыргызстандын көк-бөрү федерациясынын кезексиз жыйыны болуп өттү. Иш-чарада федерациянын жаңы президенти жана вице-президенттери шайланды.

Федерациясынын мурунку башчысы Рамис Жунусалиев бул кызматта алты ай иштегенден кийин Курманкул Зулушевге өткөрүп берүүнү туура көргөн. Ал акыркы жарым жылда жасалган иштер тууралуу маалымат берип, алдыда ат майданын куруу сыяктуу олуттуу иштер турганын белгиледи. Аймактардан келген өкүлдөр Курманкул Зулушевдин талапкерлигин бир добуштан колдошту. Ал эми Рамис Жунусалиев федерациянын биринчи вице-президенти болуп шайланды.

Курманкул Зулушев кызматына киришип жатып: "Көк-бөрү оюнун өнүктүрүү мындан ары дагы жаңычыл багытта жүрөт. Сиздер менен бирдикте, ынтымактуулук менен улуттук оюнубузду дүйнөлүк деңгээлге чыгарабыз деп ишенем", - деди

Эске салсак, Курманкул Зулушев Кыргыз Республикасынын баш прокурору. Ал 2023-жылдын август айынан тарта Эл аралык Көк-бөрү ассоциациясын жетектеп келет.



Манас телеканалы
Которгон: Жылдыз Муратбекова

# “Bilim Bişkek” үчүн кызматташуу протоколуна кол коюлду

*Кыргызстанда “Bilim Bişkek” окутуу борборун түзүү үчүн Түркия менен Кыргызстандын тиешелүү мекемелеринин ортосунда кызматташуу протоколуна кол коюлду.*

Түрк технология командасы фондунун (3D) билдирүүсүнө ылайык, Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик агенттиги (Кыргызпатент), Түрк кызматташтык жана координация агенттиги (TİKA), Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана 3D Фонду Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде болочок илимпоздорду жана технология лидерлерин даярдоо үчүн чогулушту. Жыйында Кыргызпатенттин директору Рахат Керимбаева, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин ректору профессор, доктор Төлөбек Абдырахманов, Түрк кызматташтык жана координация агенттигинин (TİKA) Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн жетекчиси Мехмет Бодур жана T3 фондунун төрагасы Элван Кузучу Хыдыр “Bilim Bişkek” кызматташтык протоколуна кол коюшту. Иш чарага Кыргызстандын билим берүү жана илим министри Догдуркүл Кендирбаева да катышты.

“Bilim Bişkek”те 6-14 жаш аралыгындагы окуучулага технологиялык, дизайн, табият таануу семинарларын, математикалык, астрономия, авиация жана космостук семинарлар сыяктуу багыттарда практикалык сабактар өтүлөт. Кошумчалай кетсек, сынак аркылуу тандалган 80 орто жана жогорку класстын окуучулары “Bilim Bişkek”тин алкагында ачыла турган DENEYAP технологиялык семинарында 36 ай бою 11 түрдүү темада технологиялык билим алышат.

Фонддун өкүлдөрү T3 Фонду тарабынан ишке ашырылган долбоорлор жана изилдөөлөр тууралуу презентацияларды жасашты. “Bilim Bişkek” долбоорунун алкагында түзүлө турган Билим Түркия жана DENEYAP семинарлары түшүндүрүлдү. Бул долбоордун максаты - Кыргызстандагы окуучулардан илим жана техникага болгон кызыгуусун арттыруу.

Элван Кузучу Хыдыр Догдуркүл Кендирбаевага 2018-жылдан бери өткөрүлүп келе жаткан TEKNOFEST авиация, космос жана технология фестивалы тууралуу маалымат берип, аны TEKNOFEST-2024кө чакырды. Хыдыр TEKNOFEST жаштарды технология жана инновация тармагына үндөө максатында уюштурулганын билдирди.

Д.Кендирбаева министрлик да илим, технология жана математика тармагында окуу багытына өзгөчө басым жасап жатканын жана Кыргызстан менен T3 фондунун кызматташуусуна кубанычта болгонун билдирди.



# “Санарип доордогу дезинформация” IV Эл аралык коммуникация симпозиуму

*15–17-май күндөрү Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин коммуникация факультетинде “IV Эл аралык коммуникация симпозиуму: санарип доордогу дезинформация” аттуу симпозиум өткөрүлөт.*

Гувен Гөк
Которгон: Жылдыз Муратбекова

Маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүшү менен жалган жана адаштыруучу маалыматтар тез тарап, дезинформация көйгөйү барган сайын байкалууда. Бул жагдай элдин ишенимин солгундатып, чечим кабыл алуу процесстерине таасирин тийгизип, ал тургай коомдук тартипти да бузушу мүмкүн.

Санариптик доордогу жаңы медиа платформалардын өнүгүшү олуттуу зыян алып келе турган дезинформациянын жайылышын шарттады. Ар кандай формаларда: текст, визуалдык жана аудио түрүндө берилген дезинформация улуттук жана глобалдык деңгээлде олуттуу көйгөйгө айланып жатат.

КТМУнун Коммуникация факультети бул симпозиумду дезинформациянын өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн негизги технологиялык жана социалдык-саясий факторлорду, ошондой эле дезинформациянын коркунучтары менен кесепеттерин натыйжалуу чечүү максатында уюштуруп жатат.

Симпозиум өз тармагында адис болгон академиктер, изилдөөчүлөр жана практиктер тарабынан сунушталган ар кандай докладдар менен коштолот. Катышуучулар санариптик доордо дезинформацияны аныктоо жана алдын алуу сыяктуу маселелер боюнча маалымат алмашышат.

Симпозимда «ЖМК жана дезинформация, коом, саясат жана дезинформация, санариптик технологиялар жана дезинформация, кризистик коммуникация жана дезинформация, медиа этикасы жана дезинформация, медиа сабаттуулук жана дезинформация, мамлекеттик жана укуктук ченемдер дезинформацияда, жасалма интеллект жана дезинформация, социалдык медиа жана жалган маалымат, санариптик дипломатия жана дезинформация, маалыматтардагы аналитика жана дезинформация, санариптик доордо коопсуздук жана купуялуулук, кинодогу санариптик технологиялар, санариптик технологиялар жана кино, санариптик жарнама, санариптик коомчулук менен байланыштар, санариптик журналистика жана жаңылыктарды өндүрүү, мобилдик тиркемелер жана Дата журналистикасы боюнча докладдар окулат.




Мындай иш-чаралар аркылуу КТМУнун Коммуникация факультети илимпоздордун башын бириктирүү менен илимге гана салым кошпостон, жалган маалыматтын зыянын түшүндүрүү менен студенттерди жана коомду маалыматка аң-сезимдүү жетүүгө үндөйт. Симпозиум социалдык аң-сезимди жогорулатуудан тышкары студенттердин изилдөө жөндөмүн өнүктүрүүгө жана глобалдык маанилүү маселелерди чечүүгө мүмкүнчүлүк берет.

IV. Эл аралык коммуникация симпозиуму Санариптик доордо дезинформация маалымат майданында пайда болгон орчундуу көйгөйдү алдын алууда жана бул маселе боюнча маалымдуулукту жогорулатууга, коммуникация маданиятынын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

### Маалымат жана маданият бир чамгарактын астында

Маалымат жана маданият үчүн маанилүү болгон иш-чараны майрамдык маанайда өткөрүү пландалууда. Анын алкагында Кыргызстандын 100 жылы фотосүрөттөр менен көргөзмөгө коюлуп, кыргыз кино сыйлыгын тапшыруу аземи жана “Ак-Илбирс” Улуттук кинофестивалы өткөрүлөт. Мындан тышкары маданий иш-чара катары Кыргызстандын жана түрк дүйнөсүнүн атактуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун үй-музейине, Улуттук тарых музейине, “Ата Бейит” комплексине, Тянь-Шань тоолоруна жана Бишкек шаарына саякат уюштурулат.



# Ата Журтта 23-апрель шаңы

*23-апрель Улуттук эгемендүүлүк жана балдарды коргоо күнү жана Түркия Улуу Улуттук Жыйынынын ачылышынын 104 жылдыгын белгилөө иш-чарасы Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчилиги тарабынан Ататүрк сейил багында өткөрүлдү.*

Аземге Түркия Республикасынын Кыргызстандагы элчиси Ахмет Садык Доган, элчиликтин кеңешчилери жана өкүлдөрү, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору профессор Алпаслан Жейлан жана профессордук-окутуучулук курам, Түрк Кызматташтык жана координация агенттигинин Бишкек кеңсеси (TİKA), Түрк-Кыргыз ишкерлери, маданият, тилектештик жана достук биримдиги (TÜKİD) жана Кыргызстандагы ахыскалык түрктөр ассоциациясы жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү катышышты.

Түрк элинин көз карандысыздык жана келечек үчүн күрөшү уланып жатканын билдирген элчи Доган: "Улуттук эгемендүүлүгүбүздүн пайдубалы түптөлүп жаткан мезгилде түрк элинин бардык курактагы адамдары биримдик жана ынтымакта талыкпай күрөштү", - деди.

Ректор, профессор Жейлан жаш жеткинчектер менен жолугушту

23-апрель Улуттук эгемендүүлүк жана балдарды коргоо күнүн белгилөө Бишкектеги №72 Абдыкерим Сыдыков атындагы мектеп-гимназиясында уланды.

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан, проректор, профессор Мехмет Сезаи Түрк жана башкы катчы, профессор Октай Өзгүл 23-апрель Улуттук эгемендүүлүк жана балдарды коргоо күнүндө Бишкектеги №72 Абдыкерим Сыдыков атындагы мектеп-гимназиясына барышты.

Окуучулар менен жолугушкан ректор, профессор Алпаслан Жейлан балдардын кыргыз тилин үйрөнүүсү маанилүү экенин белгилеп, Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаровдун бул жааттагы сунушуна токтолду жана жаштардын эне тилинде сүйлөө зарылчылыгын баса белгиледи.

Келечекте түрк дүйнөсүнүн биримдиги жана ынтымагы үчүн тилдин маанилүүлүгүнө көңүл бурган ректор, профессор Жейлан: "Келечектеги доор -"Түрк доору" болот", -деди.

ЖМК жана коомчулук менен байланыш бөлүмү












# "Түрк дүйнөсүндө Нooруз майрамынын каада-салттары"

*2024-жылдын 20-мартында Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Түрк цивилизациясын изилдөө борбору тарабынан "Түрк дүйнөсүндө Нooруз майрамынын каада-салттары" аттуу илимий жыйын өткөрүлдү.*

Касым Тыныстанов атындагы жыйындар залында өткөн иш-чарага "Манас" университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан, биринчи проректор, э.и.к. Бактыгүл Каламбекова, проректорлор профессор Мехмет Сезаи Түрк жана доцент Камалбек Карымшаков, башкы катчы, профессор Октай Өзгүл, ректордун кеңешчилери профессор Режаи Доган жана профессор Серхат Бурмаоглу, профессордук-окутуучулук курам жана студенттер катышты.

Программанын ачылышында сүйлөгөн Түрк цивилизациясын изилдөө борборунун төрагасы, профессор Мехмет Ариф Өзербаш Нoорузду жаңы күн жана жаңы жылдын башталышы катары аныктап, түрк маданиятында маанилүү орунга ээ болгон бул майрамдын тамырына басым жасады. Профессор Мехмет Ариф Өзербаш: "Ата-бабаларыбыздан калган бул салтты, бул орток маданий баалуулукту түбөлүккө сактап калуу каалоосу менен сиздерди Нooруз майрамыңыздар менен куттуктайм", -деди.

Андан соң сөз сүйлөгөн биринчи проректор, э.и.к. Бактыгүл Каламбекова илимий жыйындын катышуучуларын Нooруз майрамы менен куттуктап, сөзүн мындай деп улантты: "Нooруз майрамы - бүткүл түрк дүйнөсүнүн майрамы. Биз бара-бара бири-бирибизди тааныган сайын, майрамдарыбыздын, каада-салттарыбыздын окшош жактарын тапкан сайын каны бир түрк элдеринин биримдигине салым кошкон куттуу майрамдарын бири менен куттуктайм!"

Нoоруздун жарыгында түрк элинин биримдиги жана ынтымагы

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан ачылыш сөзүндө маданият бир улуттун баалуулуктарын келечекке жеткирүү экенин айтып, улуттук баалуулуктарды коргоонун зарылдыгын баса белгиледи.

Нooруз достуктун, бир тууgandыктын, боорукердиктин жана бакыттын майрамы экенин белгилеген ректор, профессор Алпаслан Жейлан түрк элдерин жакындаткан жана бириктирген улуттук каада-салттардын жыйындысы экенин белгиледи. Бул маңыздуу күндүн географиялык чектерди гана ашпастан, түрк өлкөлөрүндө кылымдар бою сакталып келген маданий көп түрдүүлүктү да камтыганын айтып өттү.

Түрк маданиятынын баалуулуктарын сактап, Нooруз майрамынын жарыгында мыкты келечек курууга чакырган профессор Алпаслан Жейлан маданий баалуулуктарга кайдыгер болуу биримдикке жана бүтүндүккө терс таасир тийгизерин белгиледи. Ушул себептен Коркут Ата, Огуз, Манас, Ахмет Ясави, Юнус Эмре, Махтумкули Фраги, Низами Гянджеви, Жусуп Баласагын сыяктуу улуу инсандардын жана Нooруз сыяктуу тамыры терең үрп-адаттарыбыз унутулбай, эскерилип жана майрамдалышы керек экендигин баса белгиледи.

Иш-чара "Түрк дүйнөсүндө Нooруз майрамынын каада-салттары" аттуу илимий жыйын менен улантылды. Гуманитардык факультетинин деканы, профессор Алпаслан Ашык жетекчилик кылган илимий жыйында Нooруздун ар кандай аспектилери жана мааниси талкууланды. Профессор Назгүл Турдубаева "Жаңылануунун жарчысы – Нooруз", профессор Чагатай Акенгин "Нooруз жана искусство", профессор Озан Йылмаз "Ырларда Нooруз", Доц.м.а.док. Айтмамат Кариев "Динде жана кыргыздын каада-салтында Нooруз" деген темаларда баяндама жасашты.

ЖМК жана коомчулук менен байланыш бөлүмү









Манас телеканалы
Которгон: Айгерим Токтобекова

# «Согуш жана тынчтык: реалдуу саясаттын кайтып келиши»

*Азербайжанда өткөрүлгөн 11-Глобалдык Баку форумунун алкагындагы «Согуш жана тынчтык: реалдуу саясаттын кайтып келиши» аттуу панелде саясаттын көп тараптуу жана тең салмактуу болушу керектиги баса белгиленди.*

Грузиялык саясий ишмер Эка Ткешелашвили модераторлук кылган бул панелге Босния жана Герцеговинанын президенттик Кеңешинин серб мүчөсү Желька Цвиянович, Азербайжандын тышкы иштер министри Жейхун Байрамов, Латвиянын мурдагы президенти Валдис Затлерс, АКШнын барымта боюнча атайын өкүлүнүн мурдагы орун басары Хью Дуган, БУУнун Башкы Ассамблеясынын 57-сессиясынын төрагасы Ян Каван, БУУнун Башкы Ассамблеясынын 67-сессиясынын төрагасы Вук Еремич жана француз сенатору Натали Гуле, Түрк Мамлекеттери Уюмунун (TDT) Аксакалдар кеңешинин төрагасы Бинали Йылдырым катышты.

Бийликке негизделген чыныгы саясат эл аралык эрежелерге негизделген системада уламдан-улам үстөмдүк кылып жатканына көңүл бурган Б.Йылдырым, ядролук коркунучтар жана уюмдардын ассиметриялык согуштары күчөгөнүн белгиледи. Б.Йылдырым ар кайсы аймактарда бири-бирин козуткан чыр-чатактар болуп жатканын айтып: «Эрежелерге негизделген эл аралык система согуш жана кагылышуулардын алдын алуу үчүн жетишсиз»,-деди. Б.Йылдырым Түркиянын өзгөчө географиялык орду бар экенин, ал өлкөгө мүмкүнчүлүктөрдү да, тобокелчиликтерди да жаратарын айтты.

Аймактагы согуштардын таасиринен Түркия дүйнөдөгү эң көп качкындарды кабыл алган өлкөгө айланганын маалымдаган Б.Йылдырым: “Натыйжада биз 40 жылдан бери күрөшүп келе жаткан террордук уюм менен кээ бир дос жана өнөктөштөрүбүз бир катарда болгонун көрүп жатабыз”,- деди.

Ал ошондй эле, Эл аралык системанын кыйрашы Газада таасын көрүнүп турганын, Израилдеги этникалык тазалоолор эл аралык системанын иштебей жатканын ачыкка чыгарганын, Эл аралык система балдардын өлүмүн алдын ала албаганын жана БУУнун Коопсуздук Кеңеши негизги милдеттерин Газада аткара албагандыгын билдирди.

Азыркы эл аралык тартипке ишеним жок экенин айтып, чыныгы саясат сыртта болобу же үстөл үстүндө болобу күчтүү тышкы саясатты талап кыларын баса белгилеген Йылдырым: “Биз бул чөйрөдө Түркия мамлекети катары улуттук коопсуздугубуз үчүн керектүү чараларды көрүшүбүз керек. Өткөн айда бешинчи муундагы согуштук учагыбызды сыноодон өткөрүү менен коргонуу өнөр жайында жаңы баскычка өттүк. Биздин максат - коңшуларыбыздын арасында тынчтыктын, коопсуздуктун жана гүлдөп-өнүгүүнүн бекем муунун куруу”,- деди.

Б.Йылдырым Орусия-Украина согушуна байланыштуу: “Биз Украина менен Орусия ортосунда тынчтык келишимин түзүүгө ачык болчубуз. Бирок, кээ бир мамлекеттердин кийлигишүүсү менен бул ишке ашкан жок. Бүгүн биз Украина менен Орусиянын лидерлеринин жолугушуусун өткөрүүгө даярбыз”,- деген баасын берди.

Босния жана Герцеговинанын президенттик Кеңешинин серб мүчөсү Цвиянович: “Согуш кыйратуучу гана эмес, ошондой эле узак мөөнөттүү туруксуздукту да алып келет. Эл аралык уюмдардын, өзгөчө БУУнун өз милдеттерин так аткарышы үчүн биз күч-аракетибизди бириктиришибиз керек. Ар бир адам эрежелерге баш ийиши керек. Эл аралык деңгээлдеги чыныгы саясаттын дагы да активдүү болбосо, дүйнө дагы көп көйгөйлөргө туш болот”,- деди.

Азербайжандын тышкы иштер министри Ж.Байрамов, Азербайжан көп жылдар бою туш болуп келген оор кырдаалдан чыга алганын билдирди.

Ж.Байрамов адамдык баалуулуктарга таянган эл аралык институттарга ишенерин айтып: “бирок, эл аралык институттарда да өзгөрүүлөр болушу керек. Ортоңку күчтөрдүн кызыкчылыгы да эске алынышы керек”,- деп белгилеп кетти.

“Дүйнөлүк коомчулуктун жалпы маселелер боюнча бир пикирге келе электигин айткан Ж.Байрамов: “Мындан сырткары жасалма интеллект маселеси да бар. Бирок бул адамзаттын алдында турган акыркы маселе деп ойлобойм”,- деди.

Латвиянын мурдагы президенти Валдис Затлерс Орусиянын коркунучтарын жана өзөктүк согуш коркунучун эске салып, чыныгы саясат тең салмактуу болушу керектигин белгиледи.



# Түрк дүйнөсүнүн үнү - “Манас” гезитинин жаңыланган саны жарык көрдү




Үстүбүздөгү жылдын 24-мартында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин студенттик практикалык гезитинин форматы өзгөрүп, мазмуну жаңыланган саны жарык көрдү.

Борбор Азиянын жүрөгү болгон Кыргызстанда “көңүл көпүрөсү” катары курулган “Манас” университети заманбап байланыш технологияларын натыйжалуу пайдаланууга ыктап келет. Мунун эң көрүнүктүү мисалы - “Манас” гезити.

Алдыдагы сандарда гезиттин мазмуну жана форматы жаңыртылып университет, Кыргызстан, Түркия жана түрк дүйнөсүнө үчүн маанилүү болгон маданият, искусство, адабият, спорт жана экономика жаатындагы жаңылыктар камтылат.

Гезиттин редактору кенже илимий кызматкер Зеки Окяйдын айтымында мурда А4 форматында басылып келсе, эми Кыргызстандагы башка гезиттердей А3 форматында 32 беттен турган басылма айына бир жолу жарык көрө баштайт.

“Жаңы форматтын максаттуу аудиториясы бир гана Кыргызстан менен Түркия эмес, бүтүндөй түрк дүйнөсү”, -деген редактор Окяй кагазга басылып чыгарылган версиядан сырткары гезиттин веб-форматы да жаңыртыларын кошумчалады.

**“Манас” түрк дүйнөсүнүн күчтүү үнүнө айланат**

Жалпыга маалымдоо каражаты болгон гезит максатына шайкеш колдонулган чакта элдин, биримдиктин күчүнө айланарын белгилеген КТМУнун ректору, профессор Алпаслан Жейлан: “Бүгүнкү күндө технология берген мүмкүнчүлүктөр менен артыкчылыгын жаңылап, алдыга карай ишин улантып келген “Манас” гезити окуу жайыбыздын, түрк дүйнөсүнүн күчтүү үнүнө айланат”,-деди.

Ректор, профессор А.Жейлан студенттердин гезити катары ишин баштаган бул басылма өзүнүн жаңыланган концепти менен күчтүү маалымат булагы катары университеттин көздөгөн миссиясына кызмат кыларына ишеничи чоң экенин баса белгиледи. Аны менен катар гезиттин жарык көрүүсүнө салым кошкону үчүн коммуникация факультетинин деканы, профессор Мехмет Сезаи Түрк баштаган эмгек жамаатына ыраазычылык билдирди.

Гезиттеги жарык көргөн кабарларда “Анадолу” агенттиги, “Кабар” маалымат агенттиги, КТМУнун “Манас” телеканалы жана ЖМК жана коомчулук менен байланыш бөлүмдөрүнөн булактар колдонулат. Университеттин уюштуруусунда өткөрүлгөн ар кандай семинарлар, симпозиумдар, көргөзмөлөр жана башка иш-чаралар жөнүндө маалыматтар менен катар студенттер тарабынан даярдалган атайын кабарлар да орун алмакчы.

ЖМК жана коомчулук менен байланыш бөлүмү

# Түркиянын университеттеринин билим жарманкесинде “Манас” университетине кызыгуу күч



“Манас” университети 2024-жылдын 2-мартында Түркиянын “Маариф” фондунда уюштурулган Түркиянын университеттеринин билим жарманкесинде чоң кызыгуу жаратты. Иш-чарага “Манас” университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан, проректор, профессор Мехмет Сезаи Түрк жана башкы катчы, профессор Октай Өзгүл да катышты.

“Маариф” билим берүү комплексинде өткөрүлгөн жарманкеде университеттин абитуриенттерине кабыл алуу критерийлери, факультеттердин тандоолору, стипендия мүмкүнчүлүктөрү жана жатакана шарттары сыяктуу темалар боюнча кеңири маалымат берилди.

Залды толтурган окуучулар “Манас” университетинин тактасына чоң кызыгуу көрсөтүштү. Окуучулар “Манас” университетинин сапаттуу жана акысыз билим берүүсү, факультеттери, бөлүмдөрү жана программалары тууралуу кызыккан суроолоруна жооп алышты.

“Манас” университети жана Түркия Республикасынын бир нече университеттери аталган иш-чарада келечек ээлерине чоң жол көрсөттү.

ЖМК жана коомчулук менен байланыш бөлүмү

“Өзгөчө Кыргызстан” долбоорунун негиздөөчүсү Азиза Мурзашова:

# “Аутизм трагедия дагы, дарт дагы эмес”

Сезим Муканбет кызы

***Аутизм тууралуу коомдо ачык-айкын айтылган маалыматтар аз кездешет. “Өзгөчө Кыргызстан” долбоору өлкөбүздө алгачкылардан болуп, дал ушул темада кыргыз тилдүү маалыматтарды бөлүшүп келет. Анын негиздөөчүсү, блогер, медиаэксперт жана инфлюэнсер Азиза Мурзашова аутизмди өзгөчө балдардын ата-энелери кандай кабыл алса, жалпы коом да ошондой кабыл алуусуна түрткү бергиси келет. Анын аутизм жана аталган долбоору тууралуу маегине көңүлүңүздү буралы.***





**Аутизм тууралуу маалымат жайылтууну, өзгөчө балдардын ата-энесине колдоо көргөзүүнү туура көрдүм**

Өзүм блог алып барам. Анда ой-пикиримди, сезимимди бөлүшүп турам. Ошол блогумда аутизм тууралуу кенен маалымат бергим келди. Кыргыз тилинде бул тууралуу маалыматтар дээрлик жок, болсо дагы “аутизм - бул оору”, “аутизмге чалдыккандар” деген сыяктуу туура эмес, такталбаган, эски маалыматтар гана бар. Ал эми чет тилдеринде ишенимдүү, пайдалуу маалыматтар көп. Мындай жагдайда кыргыз тилдүү окурмандар маалыматсыз калат. Интернеттен издесе, орус тилиндеги макалаларга гана туш болот, аны жарым-жартылай эле түшүнүшү мүмкүн. Ошентип, маалыматы, түшүнүгү жоктугунан, өзгөчө балдарга убагында туура кам көрүп, жардам көрсөтө албай калышат.

**Өзгөчө балдарга өзгөчө мамиле керек**

Аутизм трагедия эмес, оору дагы эмес. Болгону кээ бир адамдардагы өзгөчөлүк. Ал кийинчерээк пайда болбойт, бала менен кошо төрөлөт. Окумуштуулар азыркы күнгө чейин анын себептерин так аныктай элек. Аутизмден биротоло арылткан сыйкырдуу дары жок. Ар бир үй-бүлөдө өзгөчө ымыркай төрөлүүсү мүмкүн. Байбы-кедейби, ден соолугу чыңбы-начарбы… Айырмасы жок.

**“Өзгөчө Кыргызстан” долбоору**

Биздин беш жаштагы Данакер аттуу уулубуз бар. Анын аутизми бар экенин 2,5 жашында билдик. Алгач эч ишенген жокпуз, ишенгибиз да келген жок. Мындан улам башка медициналык борборго кайрылдык. Натыйжада, аутизми бар деген диагноз коюлду. 2-3 ай катуу депрессияга түшүп калдым, мен үчүн эң оор учур болду. Мени ал абалдан психологиялык жардам жана жакындарымдын колдоосу куткарды. “Эми эмне кылабыз, кантип жашайбыз, келечеги кандай болот?” деген коркуу сезимдери пайда болду. Бир жыл бою аутизмди кабыл алуу жолдошум үчүн да аябай оор болду. “Жок, уулубуздун аутизми жок, бизде баары жакшы”,- деп жүрдү. Бир жакка барганда, уулумду тааныштырып, аутизми бар десем, антип айтуумду жолдошум каалачу эмес. “Тааныштар бизди аяп карашын каалабайм”,-дечү. Баарын билип, көрүп туруп, адамдарга блогум аркылуу жардам бергим келди. Бирок жолдошум: “Балким, кийин, уулубуз чоңоюп, ал тууралуу айтып бергенибизди жактырбашы мүмкүн”,- дегендиктен, блогумда ачык айта албай жүрдүм. Капыстан республикалык деңгээлдеги “Медиа жаса” деген конкурс жөнүндө угуп калдым. Ага табыштама калтырсам, долбоорумду кабыл алып калышты. Жеке баракчамда эмес, өзүнчө баракчада маалымат берүүмө жолдошум макул болду. “Өзгөчө Кыргызстан” долбоору ишке ашкан соң, көптөгөн колдоолор, өзгөчө балдардын ата-энелеринен ыраазычылык каттар келди. Буларды көрүп жолдошум кубанды, мени колдоду. Азыркы күндө өзүмдүн жеке баракчамда дагы “аутизм” тууралуу маалыматтарды бөлүшүп турам.

**Адамга адам керек, адамга адам – жөлөк**

Биздин долбоор азыркы күндө тынымсыз иш алып барууда. Командада 4-5 гана туруктуу жумушчу иштейт, ыктыярчылар дагы бар. Өзгөчө балдардын ата-энелери менен да, балдардын өздөрү менен да тыгыз байланыштабыз. Байма-бай пайдалуу, так маалыматтарды бөлүшүп турабыз. Соцтармакта жеке өзүбүздүн каналыбыз бар, ал жакта жүздөн ашуун ата-эне байланышта. Суроо, кеңеш, колдоо – баары ошол жакка жазылат, баяндалат. Адамда эң негизгиси – түшүнүү жана колдоо. Биз, өзгөчө балдардын ата-энелери, дээрлик баарыбыз бирдей жолду басып өтүп, окшош тагдырга туш болгонубуз үчүн, бири-бирибизди аябай жакшы түшүнөбүз. Бизди эч ким каржылабайт. Ошого карабай, ыңгайыбызга жараша, болгон күч-аракетти жумшап келатабыз. Жакында эле табият койнунда ата-энелер чогулуп жолуктук, сырдаштык, ыйладык, бири-бирибизге дем-күч берүүгө, колдоо көрсөтүүгө аябай аракет кылдык. Бул нерселер абдан маанилүү.

**Коомго аралашпаган балдар кийин кантип өмүр сүрүшөт?**

Тилекке каршы, Кыргызстанда өзгөчөлүккө ээ балдарга эч кандай шарт каралган эмес, ошол эле, Даун синдрому, ДЦПсы бар балдар үчүн. Башкасын айтпай эле коеюн, атайын аларга арналып ачылган бала бакча жок. Биз 1,5 ай документ топтоп, уулубузду бала бакчага киргиздик. 3 айдан соң бизди чакырып, мындан ары окута алышпастыгын айтып, бала бакчадан чыгарып коюшту. Эң арзан курстар 42000 сомдон башталат. Мейли, биздин шартыбыз бар, окута алат экенбиз. А бирок буга баарынын эле мүмкүнчүлүгү боло бербейт да. Керек болсо, бул сумма бир үй-бүлөнүн бир айлык бюджетин түзүшү толук мүмкүн.

**Үй-бүлөдөгү колдоо – эң маанилүү нерсе**

Көбүнесе өзгөчө балдардын үй-бүлөлүк жашоосу ата-энесинин ажырашуусу менен коштолот. Жан кейитет, бирок, тилекке каршы, бул – чындык. Үй-бүлөдөгү аялга эркектин туугандары тарабынан чоң басым көрсөтүлөт. “Аялың оорукчан, сага оорукчан бала төрөп берди. Эмне кыласың аны, ташта” деген өңдүү сөздөргө кабылат. Ушунун айынан өзгөчө балдарын багып өстүргөн энелер жалгыз бой калган учурлар арбын. Көбүнчө шарттын жоктугунан, өзгөчө балдар жетkиликтүү деңгээлде каралбай калат.

**Бактылуу апа – бактылуу бала, демек, бактылуу коом**

Аутизми бар балдар өзгөчө сезимтал болушат. Коомдун, жакындарынын ага кылган мамилесин билишет, туюшат. Биз, өзгөчө балдардын ата-энелери, балдарыбызга мээримибиз, сүйүүбүз менен гана жардам бере алабыз. Өзүңүз жакшы билбеген, башыңыздан өткөрбөгөн нерселер тууралуу талкуулаганда абайлаңыз. Коом канчалык билимдүү болсо, жашоо деңгээли ошончолук жакшы болот. Өзгөчөлүккө ээ адамдар – коомдук ажырагыс бир бөлүгү, болгону аларга өзгөчө мамиле керек.

**Коомдо аутизм жана анын келип чыгышы тууралуу калпыс түшүнүктөр бар:**

1. Кош бойлуу кезинде аялдын өзүн туура эмес алып жүрүүсү (ден соолукка зыяндуу нерселерди колдонуусу, режимди туура эмес сактаган делип, энени “күнөөкөр” катары көрүү);

2. Пландалбаган кош бойлуулук;

3. Вакцинация.

**Аутизмдин белгилери:**

- Аутизми бар балдар адамдын көзүнө карабайт.

- Башка бирөө атын атап чакырса, реакция кылбайт.

- Көпчүлүккө аралашпайт, өзүнчө жалгыз болгонду жактырат.

- Бир нерсени алгысы келсе, өз колу менен эмес, башка бирөөнүн колу аркылуу көргөзөт.

- Сүйлөөсү кечигет.



*Муратбек Искенов, лыжа спортунун чебери, машыктыруучу:*

# “Арууlukту, жаштыкты жана саламаттыкты спорт сактап турат”



***Кыргыздар илгертен эле лыжаны “чаңгы” деп атап, кышкысын аң уулаганда тоодон ийри тактай менен зуулдап төмөн түшкөнү айтылып келет. Чынында эле, Кыргызстандын жаратылышы, тоолору кышкы спорт үчүн абдан ыңгайлуу. Өзгөчө, акыркы убакта лыжа спорту кайрадан жанданып, элдин кызыгуусун арттырды. Гезитибиздин бул санына спорт тармагына 30 жылдык эмгегин арнаган машыктыруучу Муратбек Искенов ден соолукту чыңдоо жана лыжа спорту тууралуу айтып берди.***

**Лыжа тебүү – кышкы “жеңил атлетика”**

Спорт менен машыккан адамдар өз курагынан алда канча жаш, чыйрак жана тың болушат. Себеби, органдар, булчундар бош, уктаган абалдан кыймылга өтөт. Клеткалардын, булчуңдардын иштөөсү тездеп, анын негизинде теринин, сөөктөрдүн жана ички-тышкы органдардын абалы жакшырат. Спорт ден соолукту чыңдоо менен биргеликте адамга көнүлдүү маанай тартуулайт. Лыжа тебүү спорттук оюн катары да, ден соолукту чыңдоо максатында машыгуу үчүн да спорттун эң мыкты түрү деп ойлойм. Себеби, лыжа - кышкы “жеңил атлетика”, анда бардык органдар иштейт. Лыжа тебүү кыш мезгили үчүн гана дегендер жаңылышат. Жай мезгилинде да тебүүгө ылайыкташкан дөңгөлөктүү лыжалар бар. Бул өзгөчө жаштарга ылайыктуу спорттун түрү. Анткени, лыжада кызыгууну арттырган оюндар жана адреналин бар. Лыжа тебүүнүн бир канча түрлөрү бар. Мисалы, ар кандай аралыктарга жарышуу, бута атып лыжа менен жарышуу (биатлон), лыжаны эки түрдүү тебүү (жарышуу жана секирүү), лыжа менен секичеден (трамплинден) секирүү, тоо лыжасы - слалом (желекчелер менен белгиленген атайын трасса аркылуу тоодон түшүү), чоң слалом, фристайл жана башкалар.



**“Спорт менен бардык адам машыга алат”**

Ар бир адам спорт менен дос болгону туура. Себеби, ал дүйнөдөгү, мекенибиздеги тынчтыкты, арууlukту, жаштыкты жана саламаттыкты сактап турат. Азыр көрүп жатканыбыздай, жашы өткөн адамдар фитнеске барууда. Йога, женил атлетика жана башка физикалык көнүгүүлөр менен алектенип, таңдын атышы менен жөө жүрүш жасап жатышпайбы. Жаш кезде ден соолукка кам көрүү, улгайганда бакыт алып келет. Бирок, биз жаштыгыбызды ден соолукту чыңдоо менен эмес, тескерисинче, бузуу менен өткөрүп жатпайбызбы. Спорт менен машыгууда адамдын жаш курагына эле эмес, анын материалдык абалына, ден соолугундагы кандайдыр бир чектөөлөргө дагы карабашы керек. Спорт алты саны аман, байлыгы, бийлиги бар адамдарга гана деген нерсе жок. Мисалы, 2023-жылы угуу жана сүйлөө жагынан көйгөйү бар окуучум Казакстандын Алматы шаарында өткөрүлгөн Дүйнөлүк армрестлинг чемпионатына катышып, 1 алтын жана 2 коло байгени алып келди.

**“Машыктыруучулук жолум лыжа чогултуудан башталган”**

Машыктыруучулук жолумду нөлдөн баштадым десем болот, башкача айтканда, лыжа чогултуу менен баштагам. Эски, 90-жылдарда тебилген лыжаларды элден сурап, чогулткам. Себеби, лыжа чындыгында кымбат. Ал эми, айылда ата-энелерге бул каражат жагынан кыйынга турар эле. Биз азыр деле ошол лыжаларды колдонуп келебиз. Дөңгөлөктүү лыжалар азырынча бизде жок. Акырындап демөөрчүлөдү таап, баарын жаңылап жатабыз. Айыл өкмөтү, Акимчилик жана демөөрчүлөр тарабынан дагы окуучуларыма жардам көрсөтүлүп жатат. Жыл сайын лыжа жарышы боюнча облапсттык мелдеш өткөрүүмө каражат жагынан да көмөк көрсөтүп келишет.

**“Спорт менен машыгуу жаштар арасында модага айланса дейм”**

Айыл жергесинде эл аралык турнирлерге чыгуу мүмкүнчүлүгү аз. Ага карабастан окучуларымдан түзүлгөн команда кышкы оюндарда Кыргызстан боюнча 2-орунду ээлешти, 3 окуучум Орусия Федерациясында өткөн II Эл аралык “Азия Балдары” кышкы оюндарына лыжа жарышы боюнча мелдешке катышып келишти. Аларды көрүп башка окуучулардын да кызыгуусу күч алды. Мектеп окуучулары ийгиликтүү жаш спортчулардан үлгү алышат. Чет жерге чыгып, ийгиликтерди багындыргысы келет. Мен окуучуларыма шык берип, эл аралык турнирлерге катышуусуна жардам берип келем. Учурда лыжа сүйүүчүлөрдүн саны көбөйүдө десем жаңылышпайм. Азыркы жаштар мода болгон нерсени өздөрү дагы жасоону каалайт эмеспи. Спорт менен машыгуу дагы жаштар арасында модага айланса дейм.

Жылдыз Муратбекова


# КТМУнун коммуникация факультети жаңылануудa

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин коммуникация факультети өзүнүн физикалык жана технологиялык инфраструктурасын жаңылоо менен студенттерге заманбап окуу тажрыйбасын тартуулоону улантат.***

Гүвен Гөк
Которгон: Айгерим Токтобекова

Коммуникация факультетинин имараты акыркы технология менен жабдылып, студенттерге заманбап билим берүүнү сунуштайт. Бул тууралуу КТМУнун Коммуникация факультетинин деканынын орун басары доц. док. Угур Үнал билдирди. Анын айтымында, окуучулар сабактарынан артта калбай, бүгүнкү күндөгү технологияларды өздөштүрүүсү үчүн факультет болжол менен 150 миң долларлык акыркы үлгүдөгү фотоаппараттар, дрондор, жарык жана үн системалары менен жабдылганын маалымдады. Ал эми факультеттин ичин жана сыртын сырдоо жаңы жана заманбап атмосфераны жаратканын кошумчалады.

«Факультеттин жаңыланган имаратында коммуникация тармагында билим ала турган студенттер үчүн атайын иштелип чыккан заманбап окуу аянттары жайгашкан. Анын негизинде студенттер өздөрүнүн долбоорлорун иштеп чыгып, чыгармачылык идеяларын ишке ашырууга мүмкүнчүлүк алышат. Мындан тышкары, акылдуу такталар жана башка интерактивдүү окутуу куралдары окуучулардын сабактарга натыйжалуу катышуусуна түрткү берип, окуу процессинин жүрүшүндө бир топ пайдасын берет»,- дейт доц. док. Угур Үнал.




### "Теориялык билимди практика менен айкалыштыра турган чөйрөнү камсыздайт"

КТМУнун коммуникация факультети акыркы мезгилде чоң өзгөрүүлөргө дуушар болуп, коомчулук менен байланыш жана жарнама агенттигинин ачылышы менен жаңы доорго кадам таштаганын билдирген факультет деканынын орун басары доц. м. а., док. Мээрим Артышева: "Бул жаңы инновациялар университетибиздин коммуникация жаатындагы мүмкүнчүлүктөрүн арттырып, студенттерибизге жана окутуучуларыбызга көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү берет. Жаңы ачылган Коомчулук менен байланыш жана жарнама агенттиги студенттерге теориялык билимди практика менен айкалыштыра турган чөйрөнү камсыздайт, аларга талаа тажрыйбасын тартуулайт. Студенттер чыныгы долбоорлордо иштөө менен бирге тармактык жөндөмдөрүн өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүк алышат жана окуусун аяктагандан кийин эмгек рыногуна кадам таштоого даяр болушат",- дейт.

### Интерактивдүү жана инновациялык билим

«Факультетибиздин жаңы техникалык материалдар менен жабдылышы студенттерге интерактивдүү жана инновациялык билим алууга шарт түзөт",-деген доц. м. а., док. М.Артышева алдыңкы техникалык жабдуулардын аркасында студенттер теориялык билимдерин практикада колдонууга жана өздөрүнүн чыгармачылык потенциалын ачууга мүмкүнчүлүк алышарын, бул өз кезегинде алардын коммуникация тармагында мыкты жана компетенттүү адис катары өсүүсүнө өбөлгө түзөрүн кошумчалады.

### Жергиликтүү жана эл аралык деңгээлде көңүл бурулат

Бул инновациялардын университетибизге жана факультетибизге бере турган кадыр-баркы жана жарнамалык артыкчылыктары көз жаздымда калбашы керек деген доц. док. У.Үнал: «Коомчулук менен байланыш жана жарнама агенттигинин ишке кириши менен университетибиздин байланыш тармагындагы эффективдүүлүгү жана маалымдуулугу жогорулап, жергиликтүү жана эл аралык деңгээлде көңүл бурулат. Ал эми КТМУнун коммуникация факультети бул жаңылануулар менен студенттердин жана окутуучулардын дагы квалификациялуу билим жана иш чөйрөсүнө ээ болушун камсыз кылууну көздөйт. Бул факультетибиздин жана студенттерибиздин келечегине оң таасирин тийгизет деп ишенебиз»,- деди

«2023-2024- академиялык окуу жылында КТМУнун ректораты тарабынан Коммуникация факультетине 10 камера, 30 компьютер, аудиториялар үчүн 5 смарт телевизор, 3 жарыктандыруу системасы, 2 үн системасы, 2 проектор, 4 прожектор, 1 штатив, 1 дөңгөлөктүү штатив, 1 микрофон, 1 зымсыз микрофон, 2 көп функциялуу принтер ж.б.у.с. курал-жарактар жакында эле сатылып алынып, студенттерге жана окутуучуларга кызмат көрсөтүү үчүн берилди. Бардык жабдыктар жана колдоолору үчүн КТМУнун ректору проф. док. Алпаслан Жейлан жана КТМУнун проректорунун орун басары жана декандын милдетин аткаруучу проф. док. Мехмет Сезаи Түрк агайларыбызга терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз",- деди доц. док. У.Үнал.

### Ийгиликтүү карьерага кадам таштоо

КТМУнун жаңыланган коммуникация факультети студенттердин заманбап коммуникация көндүмдөрүнө ээ болуусу үчүн бардык керектүү каражаттар менен камсыз кылат. Заманбап технология менен жабдылган окуу чөйрөсү студенттерге өз потенциалын ачып, коммуникация тармагында ийгиликтүү карьерага кадам таштоого мүмкүндүк берет. Бул инновациялардын негизинде факультет өз тармагында позициясын бекемдеп, келечектеги коммуникация лидерлерин даярдоону улантат.



> *...бул жаңылануулар менен студенттердин жана окутуучулардын дагы квалификациялуу билим жана иш чөйрөсүнө ээ болушун камсыз кылууну көздөйт. Бул факультетибиздин жана студенттерибиздин келечегине оң таасирин тийгизет деп ишенебиз.*
>
> Коммуникация факультетинин деканынын орун басары доц. док. Угур Үнал



# Камера аркылуу коoздук жараткан - мобилография

***Креативдүүлүк, акча жана ырахат... Ооба, окурманым, кайталанма турмуш жыттанат. Эми ага смартфон менен социалдык тармакты кошсокчу? Дагы деле өзгөрүү жоктой туюлганы менен, биз учурдагы актуалдуу кесиптин өзөгүн түптөп койдук. Мобилография дүйнөсү тууралуу каарманыбыз Нурик Миньондун баянынан окуңуз.***

Айгерим Токтобекова



**- Мобилография тууралуу кененирээк айтып берсеңиз. Мобилограф ким? Ал кандай жумуш аткарат?**

- Мобилография - смартфондун жардамы менен оңой, тез, кооз жана сапаттуу видео тартуу. Тагыраагы, ушул 4 элементти чогултуп, бир ишкерге сатуучу видео даярдап берүү. Телефондун өзүн кошпогондо видеону кантип тез, оңой, кооз жана сапаттуу тарта алабыз? Камерага тартылган видео компьютерден монтаждалат. Ал үчүн атайын тиешелүү долбоорду пландап алып, бир күнү съёмка кылып, андан кийин 1-2 күн монтаж кылыш керек. Акыркы учурда мындай ыкманын актуалдуулугу азайып баратат. Эмне үчүн? Мисалы, бир ишкер бүгүн иш-чара өткөрө турган болсо, тартылган видеосун убакыт кетирбей, бүгүн чыгарганы маанилүү болот. Ошол себептен тез болгону жакшы. Оңой дегени - бул видео тартуу иштерин мобилограф адам телефондон жана өзү жалгыз жасай алганы. Оңой нерсе гана тез чыгат. Кооз жана сапаттуу болуусу үчүн кандайдыр бир стандартка жараша өзүнүн эрежелери бар. Ошолорду эле туура аткарып телефонго тартуу жетиштүү болот. Эгер камерага тартылып, компьютер же ноутбуктан монтаждалса, ал мобилография болуп эсептелбейт.

**- Демек камерага тартылган видеонун үстүнөн бир канча адам иштесе, телефонго тартылган видеону мобилограф өзү жалгыз аткарат экен да? Суроого утурлай, аталган кесиптин келип чыгуу тарыхына токтоло кетсеңиз.**

- Ооба. Ошол себептен бардык жоопкерчилик бир гана мобилографта болот. Бул жерде бардыгынан аз-аздан инструменттер алынган да. Мисалы, сценаристтен идеяны кантип кызыктуу жазып, аны коомго туура жеткирүү керек. Копирайтинг - редакторлордун видеодогу сапаттуу "сатуучу" текстти жазып, максаттуу аудиториябызга туура чагылдырып берсек болот? Операторлордон кантип туура тартып, ар кандай пландарды жана учурларды колдонуп, адамдарды кызыктыруучу кадрларды даярдай алабыз? Монтаждан да ушундай, мобилографияда ар бир тармактын эрежелери камтылган. Мобилографиянын тарыхы 1990-жылдардын башына барып такалат. Вена искусство академиясынан 2 студент бала жөн эле көчөгө чыгат да, мындай деп сүйлөшүшөт: "Азыр биз буга чейин үйрөнгөн эрежелердин бардыгын унутуп, колубузга эмне тийсе, көзүбүз эмнени көрсө, кандай абалда болсок, ошондой кылып тартып көрөбүз". Ошондо алардын колунда "LOMO" деген жаңы чыккан фотоаппарат болгон. Ал жалаң сүрөт гана тарткан фотоаппарат болчу. Сүрөт тартып жатканда, жадагалса фотоаппараттын экспозициясын оңдошкон эмес. Эмнени көрсө, ошону эле тартып жүрө беришкен. Мындан улам кийин "ломография" деген термин популярдуу болуп кеткен. Ломография түшүнүгү - белгилүү бир рамкадан чыгып, эрежелерге таянбастан эле чыгармачылык жарата билүү. "Эч кандай эреже болбош керек. Эрежени бузса болот дешкен". Кийин ломография мобилографияга өттү. "Bentley Motors" аттуу британиялык компания эң биринчи жарнамалык видеосун телефонго тарткан. Ал эми Кыргызстанда мобилография термини 2018-2019-жылдардан баштап таанылa баштады.




**- Бүгүнкү күндө мобилография калың элге толук кандуу сиңдиби? Азыр телефонго кооз видео тарта алган адамдын баарын эле мобилограф деп атай алабызбы?**

- Жок, калың элге жакшы сиңе элек. Көпчүлүгү муну монтаж деп ойлошот. А чын-чынында бул бир адамга пайда алып келе турган кесип болушу керек. Мисалы, акча, жеке бренд сыяктуу. Ошол үчүн кооз видео тартып коюп, бирок андан пайда көрбөсө, бул кесип деле эмес. Ар бир видеонун өзүнүн кандайдыр максаты болот да. Азыркы заманбап мүмкүнчүлүктөр бизге ошол максаттарыбызга жетүүгө шарт түзүп жатат. Үйүндө жарыгы өчүп калган юрист жарыгын оңдоп койсо, ал электрик болуп калбайт да. Ошол сыңары, кооз видео жаратып койгон адам да мобилограф боло албайт. Ал жөн гана заманбап адам. А заманбап адам заманына тиешелүү болгон бардык нерселерди колдоно билүүсү зарыл.

**- Кээ бир кесиптерди өмүр бою окууга туура келет эмеспи. Себеби анда убакыт өткөн сайын жаңылануулар, жаңы ачылыштар болуп турат. Мобилографияда кандай?**

- Ооба. Мобилография замандын талабына жараша кесип болгондуктан, муну бир учурда үйрөнүп, анан үйрөнүүнү токтотуп коём деп айта албайсың. Мисалы, дарыгерлер эмне үчүн дайыма окушат? Анткени заман өзгөрөт. Жаңы дарылар чыгат. Жаңы аппараттар ойлоп табылат, ыкмалар алмашат. Мобилография деле дал ошондой. Былтыркыга, жадагалса, үч ай мурункуга караганда азыркы мобилография таптакыр башкача. Улам жаңы тренддер, жаңы функциялар чыгат. Ошол себептен бул кесипти дайым окуп, изилдеп, анализдеп туруу керек.

**- Мобилографияны тандоого кандай жүйөлүү себептер бар?**

- Мобилография өтө деле кыйын кесип эмес. Болгону бир аз психология керек. Анан креативдүү идея, талант болушу керек деген дагы туура эмес. Тартууда атайын өзүнүн бир аз эрежелери бар. Аларды билсең, кыйынчылыгы деле жок. Эгер бардык эрежени билип алып 1 мүнөттүк видео тарта турган болсоң, 2 мүнөтүңдү тартууга кетирип, 1 саатка жетпеген учурда (видеонун татаалдыгына жараша) монтаждап бүтүрө аласың. Бул, албетте, бардык эрежелерди жакшы билген мобилограф үчүн сарпталган убакыт. Күнүнө болгону 4 эле саат иштеп, 6 видео чыгарган мобилографтар бар. Жумуш абдан кызыктуу. Бир жерде эле отуруп иштей бербейсиң. Ар дайым ар кандай локацияларга барып, жумуш менен бирге саякатты да айкалыштырасың. Адамдар менен көбүрөөк коммуникация курууга чоң жардам берет. Анан, албетте, эмгек акысы да эң жакшы.

**- Мобилографияга кызыгып жүргөндөргө кандай кеңеш бересиз?**

- Окуп көргүлө демекчимин. Көбүнчөсү эле окугандан кийин өзүнүн аракети менен андан ары улантып кетет. Бул жерде керек болсо ойлонуунун деле кереги жок. "Баштасамбы, баштабай эле койсомбу, кызыгып жатам, эмне кылсам болот?" деген нерсенин ордуна жөн гана бир жолу жасап көрүш керек. Болсо болот, болбосо жок. Максат так болушу зарыл. Мисалы, "мен кийин ушул кесиптен акча таап иштейминби же жөн эле кооз видео тартамбы" деп өзүңө суроо берип көрүү керек. Бирок жогоруда айтылгандарды эске алып коюу керек. Мобилография бул жөн эле монтаж эмес, ошол ишкерлерге арналган сатуучу видеону жаратуу жана андан акча табуу.



# Реклама агенттиги ишин баштады

Гувен Гөк

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин (КТМУ) коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн алдында түзүлгөн реклама агентиги өз ишин баштады. "Манас" университетинде инновациялык кадам катары эшигин ачкан агенттик студенттерге алган билимди иш жүзүндө колдоно билүүгө көмөк көрсөткөн иш чөйрөсүн сунуштоо менен өндүрүлгөн кесипкөй кызматтары аркылуу рынокто өз ордун ээлеп, тармакка олуттуу салым кошууну максат кылууда.***

### Сапаттуу кызмат көрсөтүү үчүн түзүлдү

Коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн окутуучусу доц., док. Абдулхаким Бахадыр Дары жарнак агенттигинин түзүлүшү тууралуу: "Агенттик окутуучуларыбызга жана студенттерибизге практика жасай алуу мүмкүнчүлүгүн сунуп, креативдүү, идеяларды жана долбоорлорду ишке ашыра билүү жөндөмүнө ээ болгон коомчулук менен байланыш адистердин даярдалышын камсыз кылуу, алардын кесипкөй өнүгүүсүнө тыкыр көз салуу жана өнүгүшүнө салым кошуу, тармак менен кызматташууну өнүктүрүү максатында ачылды. Реклама агенттиги мекеменин ичинде да, сыртында да кесипкөй агенттик катары сапаттуу кызмат көрсөтүүнү көздөйт",-деди. Ал агенттик иш-чаралар жана социалдык жоопкерчилик долбоорлору аркылуу коммуникация тармагындагы маалымдуулукту жогорулатууга да багытталганын кошумчалады.

### "Студенттер өздөрүн өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк алышат"

Реклама агенттигинин студенттерге бере турган артыкчылыктары тууралуу тууралуу

КТМУнун коммуникация факультетинин коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмүнүн башчысынын орун басары доц., док. Венера Наринова: "Студенттер реклама дизайны боюнча теориялык билимдерин практикалык түрдө өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Жарнамалык агенттиктин концепциясы боюнча иш алып барган студенттер жарнама тексттерин, бриф жазуу, реклама кампаниясынын стратегияларын даярдоо, графикалык дизайн программаларын колдонуу, визуалдык жарнамаларды (плакаттар, логотиптер) даярдоо, жарнама үлгүлөрүн (коммерциялык тасмалар) изилдөө жана талдоо, чыгармачыл ой жүгүртүү боюнча көндүмдөрүн бекемдей алышат жана чыгармачыл процесстерге катыша алат.

### Иш-чаралар жана семинарлар

"Манас" агенттиги менен ар кандай иш-чараларды, семинарларды уюштуруу пландалып жатканын айткан доц. док. Б.Дары: "ЖМК, коммуникация, маркетинг жана искусство дүйнөсүнүн маанилүү ысымдары катышкан конференция жана семинарларды, коммуникациянын бардык тармактарында теориялык жана практикалык изилдөөлөрдү жана окууларды, тренингдерди уюштуруу пландалып жатат. Түрдүү улуттук жана эл аралык сынактарга катышуу үчүн "Коомчулук менен байланыш" категориясындагы ар түрдүү долбоорлорду даярдоо жана процессти башкаруу, профессионалдык өнүгүүгө салым кошуу, тармактын жана университеттин кызматташтыгын өркүндөтүүчү иш-чараларды уюштуруу, университетибизге баалуулук кошо турган социалдык жоопкерчилик долбоорлорун уюштуруу сыяктуу иш-чаралар аркылуу окуучулардын өнүгүүсүнө салым кошууну максат кылабыз", - деди.

### "Студенттерге уникалдуу мүмкүнчүлүктөр"

«Манас» агенттиги келечектеги коомчулук менен байланыш тармагындагы адистерди практика менен даярдоону жана даярдалган кесипкөй адистер менен коммуникация тармагынын ортосунда көпүрө болууну максат кылганын белгилеген доц., док. Б.Дары: "Агенттик тармакка багытталган билим берүү модели менен студенттерге долбоорлорго катышуу, жоопкерчилик алуу мүмкүнчүлүгүн берүүнү максат кылат. Агенттиктин ишке кириши менен студенттер чыныгы бизнес дүйнөсү менен таанышып, тажрыйба топтоп, карьерасын бекем фундамент менен баштоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат",- деп билдирди. Реклама ательесинде курстар, практикалык тапшырмаларды аткаруу менен биргеликте "Воркшоп" форматындагы окуулар, тренингдер (семинарлар, мастер-класстар) аркылуу студенттердин өз портфолиолорун түзүү пландалганын маалымдаган доц., док. В.Наринова: "Реклама агенттигиндеги иш-чараларга катышкан ар бир студент окуусун бүтүрүү стадиясына жеткенде тажрыйбага ээ болот. Негизги максат – өзгөчө реклама жана маркетингдик коммуникация тармагындагы сынактарды уюштуруп, студенттерибизди аларга катышууга үндөө. Ошол эле учурда реклама семинары сырткы дүйнөгө ачык болуп, Кыргызстандагы окуу жайлардын коомчулук менен байланыш жана реклама бөлүмдөрү, мамлекеттик жана жеке мекемелер менен кызматташып, реклама агенттиги катары коомго кызмат көрсөтүү",- дейт.

### "Манас" агенттиги эксперттердин колунда

"Манас" агенттиги коммуникация факультетинде иштеген профессордук-окутуучулук курамдан тышкары коомчулук менен байланыш тармагында өзүн өнүктүрүүнү каалаган бакалавриат, магистратура жана докторантуранын студенттери менен катарын толуктап, күндөн-күнгө өсүү жолунда болгон команданы чогултууну максат кылып жатат.

Студенттерди бизнес дүйнөсү менен жолуктурган платформа

Чыгармачылыкты, инновацияны жана кесипкөйлүктү камтыган "Манас" агенттиги студенттерди чыныгы бизнес дүйнөсү менен жолуктурган платформа болот. Ошол эле учурда тармакка инновациялык жана креативдүү идеяларды сунуштоо менен Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин атын алдыга алып чыгуу миссиясына кызмат кылат.



Улан Үсөйүн, "Баштан башта", "Көчмөн" долбоорлорунун негиздөөчүсү, жарандык активист:

# "Туристтерге "евроремонт" эмес, кыргыздын нукуралуулугу керек"

*Топурак жана жыгач жыттанып, каңылжаарды жарган, терезеден кыргыздын бийик тоолору, кооз жаратылышы көрүнгөн бөлмөдө таза аба менен дем алып уктаганга эмне жетсин? Дал ушундай шарты бар конок үйүн каарманыбыз, Улан мырза деңиз деңгээлинен 2400 м бийиктиктеги тоо койнундагы өзүнүн туулуп-өскөн айылына куруп койгон. Ал айыл турмушун даңазалап, кыргыз элинин баалуулуктарын, салт-санаасын дүйнөгө таанытууну көздөйт. Муну менен катар жаштар менен тыгыз иштешип, жаңы муундун өсүп-өнүгүүсүнө салымын кошуп, бир канча социалдык долбоорлорду ишке ашырып келген "айылдык бала" Улан Үсөйүндүн туризм бизнеси тууралуу алдыда сөз кылмакчыбыз.*

### "Айылды туризмдин борборуна айлантkым келет..."

Азыркы учурда өнүгүп турган бизнес тармактарынын бири – туризм. Улан мырза дагы бул жаатта өзүн сынап көрүүнү чечип, үстүбүздөгү жылдын жайында, өзү туулуп өскөн, борборубуздан 5-6 сааттык жол аралыгындагы, Нарын районунун Таш-Башат айылына туристтер үчүн мейманкана ачкан. Конок үйүнүн ичинде кыргыздын колорити сакталып, ар бир нерсе нукуралуулукту чагылдырып турат. Колдо бар нерселерди колдонуп, ошону менен табигый жана улуттук концепция жарата алган ишкер айылда жашап дагы жакшы каражат тапса болот деп эсептейт. "Бизнестин биринчи максаты, негизинен, киреше, каражат табуу. Экинчиден, өзүм чоңойгон айылда, ата-энемдин жанындамын. Үчүнчүдөн, айылды туризмдин борборуна айлантkым келет. Азыр бул идеяны кошуналарга, башка адамдарга сунуштап, дагы конок үйлөрүн ачып баштадык. Эгерде, 20-30 мейманкана курулса, туризм жаатында кыйла өнүгөбүз деп ойлойм. Ошондуктан биздин негизги максат – айылыбызды, айлана-чөйрөбүздү агартуу жана алдыга жылдыруу",- дейт Улан мырза.

### "Туристтер Кыргызстанга "евроремонт" үчүн эмес, улуттук нукуралуулук эстетика үчүн келишет"

Конок үйүндө бардык нерсе табигый буюмдар менен жасалып, кыргыздын колоритин чагылдырат. Бөлмөлөрдүн дубалдары ылай менен шыбалган. Эшиктер табигый жыгачтан, туткалары болсо аркандан. Шыпта илинген люстра бактын кесиндисинен болсо, кийим иле турган дубалдагы илгичти Улан мырза чоң-атасы жашаган эски үйдүн эшигинен жасап койгон. Жерде кыргыздын шырдагы салынып турат жана ар бир мейман үчүн кийизден жасалган үй бут кийими берилет. Ал эми терезени караганда, алгач эле көзгө асман тиреген тоо, жапжашыл талаа көрүнөт. Чет жерден келгендерге дал ушул нерсе керек деп эсептейт Улан Үсөйүн:

"Биз өзүбүз каалагандай эмес, кардардын көзү менен карап, ал каалагандай шарт түзүшүбүз абзел. Азыр бизге, кыргызга, "евроремонт" сыяктуу нерселер эми гана келип жатат. Бирок, дүйнө жүзү андан эбак эле өтүп кетти жана цемент дубалдардан тажады. Ошон үчүн экологиялык жактан таза, кенен дем ала турган имаратта укташса, кадимкидей сүйүнүшөт. Албетте, биз деле чет элди туурагыбыз келет, бирок өзүбүздүн нукуралуулугубузду унутпашыбыз керек. Биздин өзүбүздүн жашообуз экологиялык жактан таза жана табигый, бардык жагынан ыңгайлуу болгон. Туристтер дагы Кыргызстанга жаркыраган евроремонттуу үйдө уктайлы деп эмес, дал ушул нукура жана таза экология үчүн келишет".

Конок үйү 25 бөлмөлүү, 2 кабаттан турат. Жеке гигиеналык жана башка бардык шарттар түзүлгөн. Тамак-ашы табигый азык-түлүктөрдөн жасалат. Ортопедиялык жактан пайдалуу, колго жасалган керебеттери атайын матрацтар менен төшөлгөн. Чарчап келген турист үчүн бул – эң керектүү нерселердин бири. Кээде эс алуучу көп келип, орун калбай калганда кошуналардын үйүнө конок-топ турушат. Кызыккандар үчүн "Боз үй шоу", "Бүркүт шоу" сыяктуу программалар жана шырдак жасоо боюнча мастер-класстар өткөрүлүп турат. Булардан сырткары, азыркы тапта конок үйүнүн жанына ресторан курулууда. Ал ресторандын имараты мурун мал сарай болгон. Эми Улан мырза аны оңдоп-түздөп, экинчи өмүр берүүнү пландоодо.

### "Айылдын баласы"

"Айылдын баласы" аты менен соцтармакта таанылган Улан мырза жумуштарын бүтүрүү үчүн борборубузга байма-бай каттап турса дагы, жашоо үчүн ата-энесине жакын деп айылды тандаган. Мунун бирден бир себеби – шаардагы экологиялык көйгөйлөр. Бул туурасында ал:

"Шаарга каттагандан кыйналбайм. Тескеринсинче, мага ушундай ыңгайлуу. Ал жерде көпкө кала албайм. Себеби шаарда жайкысын абдан ысык, кышкысын болсо "ыш" жана жол тыгыны көп, а унаа токтотуучу жайлар аябай аз. Мындан улам адамдар да агрессивдүү болуп калышты. Ал эми айылда кенен, таза аба, адамдардын пейили башка. Мен өзүмдү айылда эркин сезем", - дейт Улан. "Ааламга жол айылдан башталат" ураанын карманган каарманыбыз айыл менен байланыштуу бир канча долбоор иштеп чыккан. Айылдагы ийгиликтүү адамдарды бренд кылып, мисал келтирүү менен, ал жерде да жогорку ыңгайлуулуктагы жакшы жашоо бар экендигин коомго түшүндүргөнгө аракет кылып келет. Шаардык жаштарга дагы айылдарды кыдыртып, элет жашоосу менен тааныштырып, "айылда жалаң гана кара жумуш, эл караңгы, шарт жок" деген стереотиптерден арылтууну дагы көздөйт.

Инсан Уракунова










# "Кинофестивалдын алкагында Кыргызстан менен Түркия бир тууган эл экенин дагы бир жолу далилдеди"




*Борбор Азия, анын ичинде Кыргызстандын кино тармагы жаңы деңгээлге чыгууда. Өткөн жылдын декабрында Бишкекте өткөн Биринчи эл аралык кинофестиваль буга мисал боло алат. Мындай ири иш-чараларга Кыргыз-Түрк "Манас" университети да активдүү катышып келет. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин алдындагы Кинематография департаментинин директору, КТМУнун бүтүрүүчүсү Акжолтой Бекболотов окуу жайдын кино жаатында алып барган иштери, конок өлкө катары алгачкылардан болуп Түркия катышкан кинофестиваль тууралуу маек куруп берди.*

### "Манас" университетинин бүтүрүүчүсү болгонума сыймыктанам"

Азыр кандай билбейм, бирок менин студенттик кезим абдан кызыктуу өттү. Ал кезде интернет өнүгө элек, маалымат алуу мүмкүнчүлүгү өтө эле чектелген болчу. Китепканага барып, китептерди издеп окуу өзүнчө романтика болчу десем болот. Бир жумада бир студентке жарым саатка интернетке кирүү мүмкүнчүлүгү бар болчу. Биз интернетке кирерде эмнени үйрөнсөм, кандай маалыматттарды алсам, аны кантип эффективдүү пайдаланам деп бир жума бою план түзчүбүз. Инсан болуп калыптанууда мектеп, университет аябай чоң роль ойнойт. "Манас" университетинин менин жашоомо тийгизкен таасири аябай чоң. Окуу жайдан, албетте, биринчи кезекте билим алдым, экинчи кезекте абдан жакшы жоро-жолдош, досторду, группалаштарды күттүм. КТМУнун эң чоң артыкчылыгы көп улуттуу болгону. Окуу жайдын эң чоң миссиясы - "Манаста" окуган ар бир улуттун, мамлекеттин өкүлдөрү арасындагы достукту бекемдөө. Бүгүнкү күндөгү оош-кыйыш заманда, негизи эле достукту, бир тууганчылыкты пропаганда кылуу ак иш десек болот. Ошол көп улуттардын маданияты, тили, салт-санаасы, адеп-ахлагы менен аралашып, интеграция болуп, дүйнө таанымың дагы да кеңеет. Ошол себептен болсо керек, "Манас" университетинин студенттери окууну бүткөн соң өздөрүн ийгиликтүү алып жүрүшөт. Мен "Манас" университетинин бүтүрүүчүсү болгонума сыймыктанам.

### Коммуникация факультетинин Кыргызстандын кинематографиясына кошкон салымы

Айрыкча, КТМУнун коммуникация факультетин баса белгилеп кетким келет. Факультеттин Кыргызстандын кинематографиясына кошкон салымы чоң. Себеби, коммуникация факультети чыгармачылыктын бирден бир тармагы бул болуп эсептелет. Окуу процессинин негизги бөлүгүн практикалык сабактар түзөт. Алардын кенен болушу бүтүрүүчүлөрдүн камчы салдырбай иш алып кетүүсүнө шарт түзөт. Ошол себептен КТМУнун Кыргызстанда эле эмес, дүйнө жүзүндө кадыр-баркы, орду бар десем болот. Бүгүнкү күндө Кыргызстанда активдүү иштеп жаткан кинематографисттердин көбү "Манас" университетинин бүтүрүүчүлөрү. Мындан сырткары, дүйнөлүк рейтингдерде дагы ортодон жогорку орундарда жүргөнү мени сыймыктандырат. Кино тармагына 2006-жылы алгачкылардан болуп кадам таштадым. Андан кийин да бул тармакка аттанган көптөгөн талантту студенттер бүгүнкү күндө ийгиликтүү эгектенип жатышат. Бул да болсо коммуникация факультетинин кыргыз кинематографиясына кошкон чоң салымы деп айта алам.

Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Кинематография департаменти менен Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ортосундагы байланыш

Маданият министрлиги менен Кыргыз-Түрк "Манас" университети тыгыз иштешип келет. "Манас" университети маданият тармагында кино эле эмес, башка багыттар боюнча да алгылыктуу иштерди жасап келет. Ошондуктан, жалпы эле маданият чөйрөсүнө абдан чоң салымы бар десек болот. Кыргызстан-Түркия ортосундагы бардык маданий иш-чараларга "Манас" университети сөзсүз катышат.

### Алгачкы Бишкек эл аралык кинофестивалы тууралуу

2022-жылы кинематографияны колдоо, өнүктүрүү боюнча президентибиздин жарлыгы чыкты. Анын маанилүү пункттарынын бири эл аралык деңгээлде Бишкек эл аралык кинофестивалын уюштуруу болчу. Бул максатыбызга жеттик деп ойлойм. 2023-жылдын ноябрында Бишкекте Чыңгыз Айтматовдун 95 жылдыгына карата уюштурулган биринчи фестиваль жакшы деңгээлде өттү. Ага конок өлкө катары Түркия мамлекети биринчи болуп катышты. Анын да өзгөчө себеби бар. Анткени, 2023-жылы боордош түрк эли мамлекеттүүлүгүнүн 100 жылдыгын белгилеп жаткан маалы болчу. Фестивалда дүйнөлүк кинематографияга кошкон салымы үчүн деп белгилүү Түркиялык актриса Түркан Шорайга сыйлык тапшырдык. Бул да жөн жерден эмес. Түркан Шорайдын эң таанымал, же болбосо карьерасынын башатында турган ролу – Чыңгыз Айтматовдун чыгармасынын негизинде тартылган фильмде болуп келген.

### Кыргызстан менен Түркия жакын биртууган эл экенин дагы бир жолу далилдеди

Кинофестивалдын алкагында Кыргызстан менен Түркия жакын биртууган эл экенин дагы бир жолу далилдеди десек болот. Анткени, Кыргыз-Түрк "Манас" университети, Бишкектеги Түркия элчилиги бул жактагы жана Түркиядагы кинематография дирекциясы уюштуруу иштерине чоң жардам беришти. Айрыкча, "Манас" университети жеңилин жерден, оорун колдон алып моралдык дагы, материалдык дагы чоң колдоо көрсөттү. Чын жүрөгүнөн берилген жардамдар абдан жугумдуу, сүйкүмдүү да болот. Ал адамдардын мамилесинен эле сезилип турат. Ошол чоң жардамдын кичинекей эле бир бөлүгүн айта кетейин. Фестивальга Борбор Азиялык он чакты жаш режиссерлорду чакырганбыз. Манас университети алардын жатаканасын, тарнспортун камсыздап, тамак-ашын уюштуруп берип жатышты. Бир жумалык мөөнөт үчүн бул абдан чоң салым десек болот. "Манас" университети менен кол үзбөй дайым кызматташууда болобуз. КТМУ да кандайдыр бир иш-чараларды уюштурса, өз кезегинде, биз дагы жардамыбызды аябайбыз.

### Кезектеги кинофестиваль тууралуу

Ушул жылы боло турган кинофестивалдын өзгөчөлүгү коноктор болот. Эң чоң өзгөчөлүк катары жаңы кошулган конкурстарды айтсак болот. Мисалы, былтыр "Эл аралык" жана "Улуттук" деген эки конкурсубуз бар болчу. Бул жылы "Борбор Азиялык" жана "Эл аралык" конкурс болуп алмашты. Мунун чоң себиби, Борбор Азиядагы өзүбүздүн коңшу бир тууган мамлекеттерди фестивалда көргүбүз келет. Борбор Азиянын киносун, маданиятын тааныттуга "Борбор Азия" конкурсу чоң салым кошот деген ишеничтебиз.


### Кыргыз киносу бүгүн өнүгүү процессинде

Көптөгөн кинодолбоорлор мурда сан менен гана саналса, азыр сапаты менен санала баштады. Дүйнөлүк, эл аралык интеграцияга багыт алдык. Копродукция жолу менен коңшулаш өлкөлөр менен биргелешип тасмаларды жаратууга бел байладык. Бул, биринчиден, өзүбүздүн коңшулар менен бекем достукта болуу максатын көздөйт. Департаменттин жумушу ошол колго урунуп, көзгө көрүнгөн иштердин реалдашуусуна шарт түзүү болуп эсептелет. Тилекке каршы, шарт түзүүчү тармактардын эмгеги көп көрүнө бербейт. Ошол эле жанрдык кинолордун көп тартылып прокатка чыгып жатканынын бирден бир себеби - Кинематография департаментинин алып барган иши. Мисалы, экрандарды көбөйтүүгө, кандайдыр бир бир копрадукциянын ишке ашышына, эки өлкөнүн чыгармачыл адамдары биргелешип долбоорлорду ишке ашыруусуна өбөлгө түзүү иштерин айтсак болот. Эл аралык мемориандумдардын негизинде да өзүбүздүн кесиптештер менен иш алып барып келебиз. Түзүлгөн шарттардын, жеңилдиктердин негизинде өнүгүү жолуна түштүк десек болот. Келечекте жасай турчу көптөгөн жумуштарбыз, алдыга койгон максаттарыбыз бар. Бул башталышы гана десем болот.

Эсенбол Нурбек уулу



# Голливуд жылмаюусунун сиз билбеген сырлары



Мээрим Замирбекова

***Шурудай тизилген тиш – жагымдуу жылмаюунун кепилдиги. А бирок өлкөбүздөгү ар экинчи адам тиш ооруларынан жабыркайт. Бул санда Ак-Талаа районунун Баетов айылындагы Үй-бүлөлүк медицина борборунун стоматологу Нурбек уулу Эрнис тишке туура кам көрүүнүн сырлары менен бөлүшмөкчү.***

### Кариес - тиш ооруларынын эң кеңири тараган түрү

Башкача айтканда, тиштин чириши адамдарда көп кездешет. Ооз көңдөйүн таза сактабагандыктан, тиштердин арасындагы тамак-аш калдыктарынан улам пайда болот. Кариес жаңы башталганда тиштин эмалы кете баштап, кийин ал дентинге (тиштин эмалдан кийинки катмары) өтөт. Процесс күчөгөн сайын тиште көңдөйчө пайда болуп, ал тиш пульпасына (тиштин борбордук катмары) жеткен учурда ооруну пайда кылат.

### Тиш пастасын жана щёткасын кантип туура тандоо керек?

Тиш щёткасы өтө катуу же өтө жумшак болбоосу керек. Тамак-аш калдыктарын кетире алгыдай, бирок бүлөлөрдү дагы канатпагыдай, орточо жумшактыктагы щётканы колдонуңуз. Аларды эки айда бир алмаштырып турууну дагы унутпаш керек. Тиш пастасын тандоодо анын курамына көңүл буруңуз. Химиялык кошулмалары көп пастанын зыян жактары да көп. Эгер, химиялык кошулмалар тууралуу маалыматыңыз жок болсо, пастанын түбүндөгү кичинекей төрт бурчтуу кара, көк, жашыл түстөргө карап алыңыз. Жашыл түстөгү пасталар - өсүмдүктөрдөн, көк - өсүмдүктөр жана химиялык кошулмалардан, кара болсо жалаң химиялык кошулмалардан турган паста экендигин билдирет. Ошондуктан жашыл түсү бар пастаны тандаңыз.



***Жылуу сезим - жылмаюудан башталат. Дени сак жылмаюуңузду көпкө сактагыңыз келсе, адис сиз үчүн алтындай он кеңеш берет:***

1. Эртең менен дароо эле тиш жууганга шашылбаңыз. Болгону жакшылап чайкаганыңыз жетиштүү. Ал эми щётка менен эртең мененки тамактануудан 30 мүнөт өткөндөн кийин жуу туура болот.

2. Тишиңизди эртең менен жана кечинде эки маал, эки башка щётка менен тазалаңыз. Анткени эртең менен колдонулган тиш щётка кечкиге чейин кургап, бактериялардан арылууга жетишпейт.

3. Ысык ичип, артынан дароо муздак ичкенден алыс болуңуз. Мындай учурда тиштер сезгенүүгө дуушар болуусу мүмкүн.

4. Качан гана тишиңиз чыдатпай ооруп баштаганда дарыгерге кайрылуу туура эмес. Тишиңиз оорубаса дагы, алты айда бир тиштериңизди текшертип туруудан эринбеңиз.

5. Шекер колдонууну азайтыңыз, айрыкча коюу чай, кофе жана газдалган суусундуктарды ичкенден кийин ооз көңдөйүңүздү жылуу суу менен чайкоону адатка айлантыңыз.

6. Тамекиден таптакыр узак болуңуз. Тамеки тиштерди саргайтып, ооруга алып келет.

7. Тиш жууй турган пастанын көлөмү нокоттун өлчөмүндөй гана болуусу керек. Щётка менен тең сыгылган паста ооз көңдөйүн ачыштырып, бактериялар менен кошо тамакка кирип кетүүсү мүмкүн.

8. Тишиңиздин аппак болуусун кааласаңыз, апельсин менен банандын кабыгы жана кулпунай жардамга келет. Аларды жеп жатканда тишиңизди сүртүү менен тиштериңиз агара түшөт. Айрыкча бул жемиштер антибактериялык касиетке ээ.

9. Таттуу сагыздарды чайноодон алыс болуңуз. Бул кариес оорусуна алып келиши ыктымал. Шекерсиз сагызды тамактан кийин ооз көңдөйүндөгү калдыктарды кетирүү үчүн 15-20 мүнөт гана чайнаганыңыз жетиштүү.

10. Эч качан тишиңиз менен жаңгак сыяктуу катуу нерселерди чага көрбөңүз. Тишиңиздин баркын жогото электе күтө билүү сизге материалдык жактан бир топ пайда алып келет.



## "Мал базардагы аял"

Токтогулдун мал базарында майда жандыктарын сатуу үчүн кардарларды күтүп турган аялдын алысты караганы адамдын көңүлүн өзүнө бурдурат...

Алтынкыз Шаршенкулова



## "Саамал"

Нарындын 3000 метр бийиктиктеги бөксө тоосунда жаңы туулган бээлерди саап ичүү - жергиликтүүлөрдүн кадимки күнүмдүк жай турмушунун бир бөлүгү.

Нурзат Казыбекова



## "Минус 20дан - плюс 20га чейин"

Алмаз күнөсканасында өстүргөн жашылча-жемиштери кышында минус 20 градуска чейин түшкөн оор шарттарда тоңуп калбашы үчүн көмүр жагып, температураны плюс 20 градуста кармап турат

Айгерим Акылбекова



## "Чогулуу"

Бишкектен анча алыс эмес жерде айына бир жолу өткөрүлө турган мал базарына өлкөнүн дээрлик бардык булуң-бурчунан келген сатып алуучулар жана сатуучулар чогулат..

Гүлиза Урустамбек Кызы


**• KTMÜ adına sahipleri - КТМУнун атынан гезит ээси**

Rektör Prof. Dr. Alpaslan Ceylan-Ректор Проф. докт., Алпаслан Жейлан

Rektör Vekili. Prof. Dr. Almaz İbrayev - Биринчи проректор саясий илимдердин кандидаты, доцент Алмаз Ибраев

**• Genel Yayın Yönetmeni**

Prof. Dr. Mehmet Sezai Türk-Проф. Докт., Мехмет Сезаи Түрк

**• Yayın Koordinatörü**

Öğr. Gör. Dr. Bakıt Orunbekov- Ага окутуучу докт., Бакыт Орунбеков

**• Danışma Kurulu - Кеңешчи тобу**

Doç. Dr. Erdoğan Akman-Доц. докт., Эрдоган Акман

Doç. Dr. Niyazi Ayhan-Доц. докт., Ниязи Айхан
Yrd. Doç. Dr. Gülzada Stanaliyeva – Доц. м.а. докт. Гүлзада Станалиева

**• Editör-редакторлор**

Yrd. Doç. Dr. Topçugül Narmamatova - Доц. м.а. докт. Топчугүл Нармаматова

Arş. Gör. Zeki Okyay-кенже илимий кызматкер Зеки Окяй

**• Editör Yardımcıları-Редактордун орун басары**

Esenbol Nurbek Uulu-Нурбек уулу Эсенбол

Güven Gök – Гүвен Гөк

Erlan Bekten Uulu- Эрлан Бектен уулу

**• Gazete Tasarımı-дизайн**

Ravşan Abdullayev

**• Muhabirler-корреспонденттер**

Aygerim Toktobekova – Айгерим Токтобекова

İnsan Urakunova – Инсан Уракунова

Sezim Mukanbet kızı – Сезим Муканбет кызы

Zarina Abduvalieva – Зарина Абдувалиева

Cıldız Muratbekova – Жылдыз Муратбекова

Meerim Zamirbekova – Мээрим Замирбекова

Ayzada Urmatbek kızı – Айзада Урматбек кызы

Asılay Toroeva – Асылай Тороева

Aıda Töreşova - Аида Төрешова

Ayzirek Karazakova – Айзирек Каразакова

Ahmet Hakan Kaya – Ахмет Хакан Кая

**• Yazışma Bilgileri**

KTMÜ Cengiz Aytmatov Kampüsü İletişim Fakültesi, Bişkek Tel +996 (312) 492756/1164